# САПАТТЫ КОНТРОЛДООНУН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТЫ 1

# ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУН АУДИТИН ЖАНА ОБЗОРДУК ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮЧҮ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ИШЕНИМДИ КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ БАШКА ТАПШЫРМАЛАРДЫ ЖАНА КОШТООЧУ КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БОЮНЧА ТАПШЫРМАЛАРДЫ АТКАРУУЧУ АУДИТОРДУК УЮМДАРДАГЫ САПАТТЫ КОНТРОЛДОО

(2009-жылдын 15-декабрынан тартып күчүнө кирет)

## МАЗМУНУ


Пункт

**Киришүү**

Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү ............................................ 1–3

Ушул стандартты колдонуу тартиби ............................................ 4–9

Күчүнө кирүү күнү ............................................ 10

**Максат** ............................................ 11

**Аныктамалар** ............................................ 12

**Талаптар**

Тиешелүү талаптарды колдонуу жана сактоо ............................................ 13–15

Сапатты контролдоо системасынын элементтери ............................................ 16–17

Аудитордук уюмдун ичиндеги сапат үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги ............................................ 18–19

Тиешелүү этикалык талаптар ............................................ 20–25

Кардарлар менен мамилелерди кабыл алуу жана улантуу, конкреттүү тапшырмаларды кабыл алуу жана аткаруу ............................................ 26–28

Кадрдык ресурстар ............................................ 29–31

Тапшырманы аткаруу ............................................ 32–47

Мониторинг ............................................ 48–56

Сапатты контролдоо системасынын документтери ............................................ 57–59

**Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар**

Тиешелүү талаптарды колдонуу жана сактоо ............................................ A1

Сапатты контролдоо системасынын элементтери ............................ A2–A3

Аудитордук уюмдун ичиндеги сапат үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги ........................................................................ A4–A6

Тиешелүү этикалык талаптар ........................................................ A7–A17

Кардарлар менен мамилелерди кабыл алуу жана улантуу, конкреттүү тапшырмаларды кабыл алуу жана аткаруу ........................................ А18–А23

Кадрдык ресурстар ........................................................................ А24–А31

Тапшырманы аткаруу .................................................................... А32–А63

Мониторинг .................................................................................. А64–А72

Сапатты контролдоо системасынын документтери .......................... А73–А75

*Финансылык отчеттуулуктун аудитин жана обзордук текшерүүлөрдү жүргүзүүчү, ошондой эле ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмаларды жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмаларды аткаруучу аудитордук уюмдардагы сапатты контролдоо»* Сапатты контролдоонун эл аралык стандартын (СКЭС 1) *«Көз карандысыз аудитордун жалпы максаттары жана Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык аудитти жүргүзүү»* АЭС 200 менен бирдикте кароо керек..

ISQC

# Киришүү

### Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү

1. Ушул Сапатты контролдоонун эл аралык стандарты (СКЭС) аудитордук уюмдун анын аудиттин сапатын контролдоо системасы жана финансылык отчеттуулукту обзордук текшерүүлөр, ошондой эле ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалар жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр тармагындагы милдеттерин белгилейт. Ушул стандартты тиешелүү этикалык талаптар менен бирге кароо керек.

2. Сапатты контролдоо жол-жоболоруна тиешелүү аудитордук уюмдун персоналынын милдеттери боюнча кошумча стандарттар жана сунуштамалар Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин башка документтеринде баяндалган. АЭС 220,[1] мисалы, финансылык отчеттуулуктун аудитин жүргүзүүдө сапатты контролдоо жол-жоболоруна тийиштүү.

3. Сапатты контролдоо системасы өзүнө 11-пунктта белгиленген максаттарга жетишүүгө багытталган саясатты жана аларды киргизүү жана сактоонун мониторинги үчүн зарыл болгон тиешелүү жол-жоболорду камтыйт.

### Ушул стандартты колдонуу тартиби

4. Ушул СКЭСти аудитордук текшерүүлөр жана финансылык отчеттуулуктун баяндамалары, ошондой эле ишенимди камсыз кылуучу башка жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдү берүү менен байланышкан тапшырмалар жагынан кесипкөй бухгалтерлердин бардык уюмдары колдонот. Ушул СКЭСти сактоо үчүн тигил же бул конкреттүү аудитордук уюм иштеп чыгуучу саясаттын жана жол-жоболордун мүнөзү жана көлөмү аудитордук уюмдун ишинин өлчөмү жана мүнөздөмөлөрү сыяктуу ар түрдүү факторлорго, ошондой эле ал тармактын бир бөлүгү болуп санала тургандыгына же жоктугуна байланыштуу болот.

5. Ушул СКЭС бул стандартты сактоо учурунда аудитордук уюмдун максатын белгилейт жана аудитордук уюм ушул максатка жетишин камсыз кылууга чакырылган талаптарды камтыйт. Мындан тышкары, ал колдонуу боюнча сунуштамалар түрүндөгү тиешелүү көрсөтмөлөрдү жана мындан ары 8-пунктта сүрөттөлгөн башка түшүндүрмө материалдарды жана ушул стандартты ойдогудай түшүнүү үчүн зарыл

---

[1] АЭС 220 «Финансылык отчеттуулуктун аудитин жүргүзүүдө сапатты контролдоо».

болгон контекстти аныктоочу киришүү бөлүгүн, ошондой эле аныктамаларды камтыйт.

6. Бул максат ушул СКЭСтин талаптары белгиленген контекстти аныктайт жана төмөнкүлөрдө аудитордук уюмга көмөктөшүүгө арналган:

- дал эмнени аткаруу зарыл экенин түшүнүүдө; жана
- бул максатка жетүү үчүн кошумча чараларды көрүүнүн кереги бар же жоктугу жөнүндө чечим кабыл алууда.

7. Ушул СКЭСтин талаптары «тийиш» деген этишти колдонуу менен баяндалган.

8. Бул зарыл болгон жерлерде, колдонуу боюнча сунуштамаларда жана башка түшүндүрмө материалдарда тиешелүү талаптарды андан ары түшүндүрүү келтирилет жана аларды аткаруу боюнча сунуштамалар берилет. Атап айтканда, алар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- тигил же бул талаптын же аны колдонуу чөйрөсүнүн маанисин тактаган алда канча кең-кесири көрсөтмөлөрдү; жана
- конкреттүү жагдайларда орундуу болуп чыгышы мүмкүн болгон саясаттын жана жол-жоболордун мисалдарын.

Пайдалануу боюнча колдонмолор өз алдынча талаптар болуп саналбаганына карабастан, алар стандарттын тиешелүү талаптарын туура колдонуу үчүн мааниге ээ. Пайдалануу боюнча бул колдонмо жана башка түшүндүрмө материал ошондой эле ушул СКЭСте каралып жаткан маселелер боюнча баштапкы маалыматты камтышы мүмкүн. Бул орундуу болгон учурда, пайдалануу боюнча колдонмого жана башка түшүндүрмөү материалдарга коомдук сектордогу аудитордук уюмдардын же чакан аудитордук уюмдардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү кошумча ой-пикирлер камтылат. Бул кошумча ой-пикирлер ушул СКЭСтин тиешелүү талаптарын туура колдонууга жардам берет. Ошого карабастан алар ушул СКЭСте камтылган талаптарды колдонуу жана сактоо боюнча аудитордук уюмдун милдеттерин чектебейт жана тарытпайт.

9. Аныктамалар» бөлүмү ушул Сапатты контролдоонун эл аралык стандартынын максаттары үчүн кабыл алынган айрым терминдердин маанисин сүрөттөөнү камтыйт. Алар ушул СКЭСти колдонуунун жана чечмелөөнүн ырааттуулугуна көмөктөшүү үчүн келтирилген жана башка максаттар үчүн мыйзамдарда, ченемдик актыларда же башка документтерде белгилениши мүмкүн болгон аныктамаларды алмаштырууну болжолдобойт. Ушул СКЭСте аныкталган терминдер *БЭФ жарыялаган «Сапатты контролдоонун, аудиттин жана обзордук текшерүүлөрдүн, ишенимди камсыз кылуучу башка*

ISQC

*тапшырмалардын жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмалардын эл аралык стандарттарынын жыйнагынын» курамында Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш чыгарган Эл аралык стандарттарга тиешелүү «Терминдер сөздүгүнө» киргизилген.* Терминдер сөздүгү ошондой эле ушул СКЭСте кездешүүчү башка терминдердин сыпаттамасын камтыйт, ал чечмелөө жана которуу учурунда ырааттуулукка көмөктөшүүгө чакырылган.

**Күчүнө кирүү күнү**

10. Ушул СКЭСтин талаптарына ылайык сапатты контролдоо системалары 2009-жылдын 15-декабрына чейин түзүлүүгө тийиш.

## Objective

11. Аудитордук уюмдун максаты ушул уюмга төмөнкүлөр жагынан акылга сыярлык ишенимди алууга мүмкүндүк берүүчү сапатты контролдоо системасын киргизүүдө жана колдоодо турат, ал:

(a) аудитордук уюм жана анын персоналы кесиптик стандарттарды жана колдонулуучу укуктук жана ченемдик талаптарды сактайт

(b) аудитордук уюм же тапшырмалардын жетекчилери чыгарган корутундулар жана отчеттор конкреттүү жагдайларда талаптагыдай мүнөздө болот.

## Аныктамалар

12. Ушул СКЭСте төмөнкү терминдер төмөндө келтирилген маанилерге ээ:

(a) корутундунун күнүн коюу үчүн практикалык адис тандаган күн;

(b) тапшырма боюнча документация – аткарылган иш, алынган натыйжалар жана практикалык адис чыгарган тыянактар жөнүндө жазуулар;

(c) тапшырманын жетекчиси[2] – тапшырма жана анын аткарылышы үчүн, ошондой эле аудитордук уюмдун атынан чыгарылган корутунду же ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалар боюнча отчет үчүн жооп берүүчү, зарылчылык болгон учурда кесиптик уюмдан, юридикалык жактан же жөнгө салуучу органдан тиешелүү ыйгарым укуктарга ээ болгон аудитордук уюмдун өнөктөшү же башка кызматкери;

---

[2] Тиешелүү контекстте «тапшырманын жетекчиси», «өнөктөш» жана «аудитордук уюм» деген терминдерди мамлекеттик сектордогу ушундай түшүнүктөрдүн эквиваленттери катары окуу керек.

(d) тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү – корутундунун күнүнө карата абал боюнча же күнүнө чейин аткарылган жана корутундуну түзүүдө жасалган аудитордук топтун маанилүү ой жүгүртүүлөрүн жана анын тыянактарын объективдүү баалоону көздөгөн процесс. Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү процесси баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишканалардын финансылык отчеттуулугунун аудитине жана, эгерде башка тапшырмалар бар болсо, аудитордук уюм белгилегендей, алар үчүн тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү талап кылынган башка тапшырмаларга арналган;

(e) тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жак – аудитордук топ жасаган маанилүү ой жүгүртүүлөрдү жана корутундуну түзүүдө ал жасаган тыянактарды объективдүү баалоо үчүн жетиштүү жана тиешелүү тажрыйбасы жана ыйгарым укуктары бар аудитордук уюмдун өнөктөшү, башка кызматкери, ылайыктуу квалификациясы бар тышкы жак же алардын бири да аудитордук топтун курамына кирбеген ушундай жактардын тобу;

(f) аудитордук топ – конкреттүү тапшырманы аткарып жаткан бардык өнөктөштөр жана кызматкерлер, ошондой эле аудитордук уюм же тармакка кирген уюм тарткан, ушул тапшырманын алкагында жол-жоболорду аткарып жаткан ар кандай жактар. Мында ушул термин аудитордук уюм же тармакка кирген уюм тарткан тышкы эксперттерге тиешелүү эмес. «Аудитордук топ» термини ошондой эле тышкы аудитор АЭС 610дун (2013-ж. кайра каралган) талаптарын сактаган учурда аудитордук тапшырманы аткарууга түздөн-түз катышып жаткан кардардын ички контролдоо кызматынын кызматкерлерин камтыйт;[3]

(g) аудитордук уюм – жекече практикалык адис, кесипкөй бухгалтерлердин өнөктөштүгү же корпорациясы, же башка ишканасы;

(h) инспекциялоо – аудитордук топтор тарабынан уюмда аяктаган тапшырмаларга карата сапатты контролдоо саясатынын жана жол-жоболорунун сакталышынын далилдерин камсыз кылуу үчүн арналган жол-жоболор;

---

[3] АЭС 610 (кайра каралган, 2013-ж.) «*Ички аудиторлордун ишин пайдалануу*» түздөн-түз катышууга чектөөлөрдү белгилейт. Стандартта мындай деп белгиленген: тышкы аудиторго мыйзам же ченемдик акт боюнча ички аудиторлордун түздөн-түз катышуусун пайдаланууга тыюу салынышы мүмкүн. Ошентип, түздөн-түз катышууну пайдаланууга уруксат берилген, бирок чектөөлөр бар.

(i) баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишкана – акциялары, үлүштүк же карыздык инструменттери котировкаланган же кандайдыр бир таанылган фонд биржасында котировкалоо тизмесине киргизилген же болбосо таанылган биржанын же башка ушундай ишкананын регламенттерине ылайык сатууга сунуш кылынган ишкана;

(j) мониторинг – аудитордук уюмга анын сапатты контролдоо системасы натыйжалуу иштей тургандыгына акылга сыярлык ишенимди камсыз кылуу максатында аудитордук уюмдун сапатын контролдоо системасын үзгүлтүксүз талдоону жана баалоону, анын ичинде бүткөрүлгөн аудитордук тапшырмаларды ылгоо негизинде мезгилдүү инспекциялоону караган процесс;

(k) тармакка кирген уюм – тармакка таандык болгон аудитордук уюм же субъект;

(l) тармак – ири түзүм, ал:

(i) кызматташууга багытталган; жана

(ii) пайда алууга же чыгымдарды бөлүүгө ачык багытталган же жалпы ээлик кылуучулар, жалпы контроль же жетекчиликтин жалпы мүчөлөрү, жалпы ички саясат жана сапатты контролдоо жол-жоболору, жалпы бизнес-стратегия, жалпы фирмалык аталыш же кесиптик ресурстардын орчундуу бөлүгүн пайдалануу каралган;

(m) өнөктөш – кесипкөй кызматтарды көрсөтүү боюнча милдеттенмелерди аудитордук уюмга жүктөөгө ыйгарым укуктары бар ар кандай жеке жак;

(n) персонал – өнөктөштөр жана кызматкерлер;

(o) кесиптик стандарттар – Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан чыгарылган, Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш аныктагандай, *«Сапатты контролдоонун, аудиттин, обзордук текшерүүлөрдүн, ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалардын жана коштоочу кызмат көрсөтүү боюнча тапшырмалардын эл аралык стандарттарына карата кириш сөздөгү»* тапшырмалардын стандарттары, ошондой эле тиешелүү этикалык талаптар;

(p) акылга сыярлык ишеним – ушул Сапатты контролдоонун эл аралык стандартынын контекстинде: ишенимдин жогорку деңгээли, бирок абсолюттук эмес ишеним;

(q) тиешелүү этикалык талаптар – аудитордук топко жана тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жактарга коюлуучу, демейде Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин *«Кесипкөй бухгалтерлердин этикасынын кодексинин»* (БЭЭСК Кодекси) А жана В бөлүктөрү, ошондой эле улуттук мыйзамдардын алда канча катуу талаптары кирген этикалык талаптар;

(r) кызматкерлер – аудитордук уюм тарабынан жалданган өнөктөштөрдүн курамына кирбеген кесипкөйлөр, анын ичинде эксперттер;

(s) ылайыктуу квалификациясы бар тышкы жак – аудитордук уюмдун кызматкери болуп саналбаган, тапшырманын жетекчиси катары аракеттенүү үчүн квалификацияларга жана жөндөмдөргө ээ болгон адам, мисалы, мүчөлөрү аудитти жана өткөн мезгилдердин финансылык маалыматын обзордук текшерүүнү жүргүзө ала турган же ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмаларды же коштоочу кызмат көрсөтүү боюнча тапшырмаларды аткара ала турган бухгалтерлердин кесиптик бирикмесинде же болбосо сапатты контролдоо боюнча тиешелүү кызмат көрсөтүүчү уюмда турган кызматкер (тиешелүү тажрыйбасы бар).

ISQC

## Талаптар

### Тиешелүү талаптарды колдонуу жана сактоо

13. Ушул СКЭСтин максаттарын түшүнүү жана анын талаптарын туура колдонуу үчүн аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасын киргизүү жана колдоо үчүн жооп берүүчү аудитордук уюмдун кызматкерлери ушул стандарттын текстин, анын ичинде колдонуу боюнча колдонмону жана башка түшүндүрмө материалдарды толук көлөмдө түшүнүүгө тийиш.

14. Аудитордук уюм ушул Сапатты контролдоонун эл аралык стандартынын ар бир талабын сактоого тийиш, буга аудитордук уюмдун конкреттүү жагдайларында тигил же бул талап финансылык отчеттуулукту аудитордук текшерүү жана обзордук текшерүү жагынан ал көрсөтүп жаткан кызматтарга, ошондой эле ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларга жана коштоочу кызмат көрсөтүү боюнча тапшырмаларга тиешеси болбогон учурлар кирбейт (А1-пунктту караңыз).

15. Бул талаптар аудитордук уюмдун ушул Сапатты контролдоонун эл аралык стандартында белгиленген максатка жетишүүсүнүн

мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга арналган. Ошондуктан бул талаптарды ойдогудай колдонуу максатка жетишүү үчүн жетиштүү өбөлгөлөрдү камсыз кылууга тийиш деп болжолдонот. Бирок жагдайлар кыйла айырмаланышы үмкүндүгүнөн, а боло турган бардык варианттарды кароо мүмкүн эместигинен улам, билдирилген максатка жетишүү үчүн аудитордук уюм ушул стандартта талап кылынгандан тышкары кошумча саясатты жана жол-жоболорду иштеп чыгууну талап кылган маселелер же жагдайлар бар же жогун талдоого тийиш.

**Сапатты контролдоо системасынын элементтери**

16. Аудитордук уюм төмөнкүдөй элементтердин ар бири боюнча саясатты жана жол-жоболорду камтыган сапатты контролдоо системасын түзүүгө жана колдоого тийиш:

   (a) аудитордук уюмдун ичиндеги сапат үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги;

   (b) тиешелүү этикалык талаптар;

   (c) кардарлар менен мамилелерди кабыл алуу жана улантуу, конкреттүү тапшырмаларды кабыл алуу жана аткаруу;

   (d) кадрдык ресурстар;

   (e) тапшырманы аткаруу;

   (f) мониторинг.

17. Аудитордук уюм өзүнүн саясатын жана жол-жоболорун документ менен тариздөөгө жана аларды аудитордук уюмдун персоналына жеткирүүгө тийиш (A2-A3-пункттарды караңыз).

**Аудитордук уюмдун ичиндеги сапат үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги**

18. Аудитордук уюм анын алкагында тапшырмаларды аткарууда сапат маанилүү болуп саналган корпоративдик маданиятты өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган саясатты жана жол-жоболорду иштеп чыгууга тийиш. Ички саясаттын жана жол-жобонун ушундай жоболору аудитордук уюмдун башкы директору (же ушундай кызмат орундагы адам) же, эгерде бул каралган болсо, аудитордук уюмдун өнөктөштөрүнүн комитетинин башкаруучусу (же ушундай башкаруучу орган) ушул аудитордук уюмда сапатты контролдоо системасы үчүн түпкү жоопкерчиликти өзүнө кабыл алышынын зарылчылыгын кароого тийиш (A4-A5-пункттарды караңыз).

19. Аудитордук уюм аудитордук уюмдун башкы директору же өнөктөштөрдүн комитетин башкаруучу аудитордук уюмдун сапатын контролдоо системасын ыкчам башкаруу үчүн жоопкерчиликти

жүктөгөн ар кандай жак же жактар жетиштүү жана талаптагыдай тажрыйбага жана жөндөмдөргө, ошондой эле ушул милдеттерди аткаруу үчүн зарыл ыйгарым укуктарга ээ болушу үчүн саясатты жана жол-жоболорду белгилөөгө тийиш (А6-пунктту караңыз).

**Тиешелүү этикалык талаптар**

20. Аудитордук уюм уюмдун өзү, ошондой эле персонал тиешелүү этикалык талаптарды сактагандыгына анын акылга сыярлык ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга чакырылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш (А7-А10-пункттарды караңыз).

*Көз карандысыздык*

21. Аудитордук уюм уюмдун өзү, анын кызматкерлери жана, муну колдонууга мүмкүн болгон учурда, көз карандысыздык талаптары жайылтылган башка адамдар (анын ичинде тармакка кирген уюмдун кызматкерлери) бул тиешелүү этикалык талаптар тарабынан талап кылынган учурда көз карандысыздыкты сактай тургандыгына анын акылга сыярлык ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга чакырылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш. Мындай саясат жана жол-жоболор уюмга төмөнкүлөргө мүмкүндүк берүүгө тийиш (А10-пунктту караңыз):

(a) өзүнүн көз карандысыздык талаптарын анын кызматкерлерине жана, муну колдонууга мүмкүн болгон жерде, алар жайылтыла турган башка жактарга жеткирүүгө; жана

(b) көз карандысыздыкка коркунуч түзгөн жагдайларды жана мамилелерди табууга жана баалоого жана этияттык чараларын көрүү аркылуу же, эгерде бул зарыл болсо, баш тартуу колдонуудагы мыйзамдар же ченемдик актылар менен жөнгө салынган учурда тапшырманы андан ары аткаруудан баш тартуу аркылуу бул коркунучтарды жоюу же аларды алгылыктуу деңгээлге чейин азайтуу үчүн талаптагыдай чараларды көрүүгө.

22. Мындай саясат жана жол-жоболор төмөнкүлөрдү талап кылууга тийиш (А10-пунктту караңыз):

(a) тапшырманын жетекчиси аудитордук уюмга кардарлар үчүн аткаруучу тапшырмалар жөнүндө, анын ичинде кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү жөнүндө зарыл маалыматты берүүсүн, бул аудитордук уюм бүтүндөй алганда, эгерде бул орун алган болсо, көз карандысыздык жагынан талаптарга алардын таасирин баалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн зарыл;

(b) тиешелүү чараларды көрүү мүмкүнчүлүгү үчүн көз

ISQC

карандысыздыкка коркунуч туудурган жагдайлар жана өз мамилелер жөнүндө персонал аудитордук уюмга өз учурунда билдирүүсүн; жана

(c) жөндүү маалыматты топтоону жана аны тиешелүү кызматкерлерге жеткирүүнү, бул:

(i) аудитордук уюм жана анын кызматкерлери көз карандысыздыкка карата талаптарды алар сактап жатканын же жоктугун тез аныктай алышы;

(ii) аудитордук уюм көз карандысыздыкка тиешеси бар болгон өзүнүн документтерин актуалдуу абалда сактай алышы; жана

(iii) аудитордук уюм көз карандысыздыктын алгылыктуу деңгээлден ашкан табылган коркунучтары боюнча ойдогудай чараларды көрө алышы үчүн зарыл.

23. Аудитордук уюм ал көз карандысыздык талаптарын бузуулар жөнүндө маалымдар экенине өзүнүн акылга сыярлык ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга, ошондой эле мындай кырдаалдарды чечүү үчүн чараларды көрүүгө ага мүмкүнчүлүк берүүгө чакырылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш. Бул саясат жана жол-жоболор төмөнкүлөргө талаптарды камтууга тийиш (A10-пунктту караңыз):

(a) персоналга, ал көз карандысыздыкка карата талаптарды белгилүү болуп калган бузуулар жөнүндө аудитордук уюмга өз учурунда кабарлоого тийиш;

(b) аудитордук уюмга, ал ушул саясатты жана жол-жоболорду айкын болгон бузуулар жөнүндө төмөнкүлөргө өз учурунда кабарлоого тийиш:

(i) ал уюм менен бирдикте табылган бузуу боюнча чара көрүүгө тийиш болгон аудитордук тапшырманын жетекчисине; жана

(ii) аудитордук уюмдагы жана, бул орундуу болгон учурда, тармактагы тиешелүү деңгээлдеги башка персоналга, ошондой эле көз карандысыздыкка карата талаптар жайылтылган адамдарга, башкача айтканда, ойдогудай чараларды көрүүгө милдеттүү болгондорго; жана

(c) тапшырманын жетекчилерине жана 23(b)(ii)-пунктчада эске алынган башка адамдарга аудитордук уюмга тез арада маалымдоо жөнүндө, зарыл болгон учурда, уюм андан аркы чараларды көрүшү керектигин же жоктугун аныктай алышы үчүн

келип чыккан көйгөйлөрдү чечүү үчүн алар көрүп жаткан чаралар жөнүндө.

24. Жылына кеминде бир жолу аудитордук уюм тиешелүү этикалык талаптарга ылайык көз карандысыз болууга милдеттүү болгон уюмдун бүткүл персоналынан көз карандысыздык жагынан анын саясаты жана жол-жоболору сакталышынын жазуу жүзүндөгү ырастоосун алууга тийиш (А10-А11-пункттарды караңыз).

25. Аудитордук уюм төмөнкүдөй саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш (А10-пунктту караңыз):

(a) ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды аткарууда узак мезгил аралыгында аудитордук уюмдун бир эле улук кызматкерлери тартылган учурларда төмөн деңгээлге алгылыктуу болгон жакындан таанышуу коркунучун төмөндөтүү үчүн этияттык чараларын көрүү зарылчылыгын аныктоо критерийлерин белгилеген; жана

(b) баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишканалардын финансылык отчеттуулугунун аудитин жүргүзүү учурунда айрым мезгил аяктагандан кийин алгылыктуу этикалык талаптарга ылайык аудитордук тапшырманын жетекчисин жана тапшырманы аткаруунун сапатын контролдоо үчүн жооп берүүчү адамдарды, ошондой эле, бул алгылыктуу болгон жерде, ротациялоо жөнүндө талап жайылтылган башка адамдарды ротациялоону жүргүзүүнү талап кылган (А12-А17-пункттарды караңыз).

**Кардарлар менен мамилелерди кабыл алуу жана улантуу, конкреттүү тапшырмаларды кабыл алуу жана аткаруу**

26. Аудитордук уюм алар төмөнкүдөй учурларда гана мамилелерди улантуу жана тапшырмаларды аткаруу жөнүндө чечим кабыл ала тургандыгына карата акылга сыярлык ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга чакырылган кардарлар менен мамилелерди кабыл алуу жана улантуу, конкреттүү тапшырмаларды кабыл алуу жана аткаруу боюнча саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш:

(a) конкреттүү тапшырманы жүргүзүү үчүн, анын ичинде убакытты жана ресурстарды кошо алганда компетенттүү жана тиешелүү мүмкүнчүлүктөргө ээ (А18, А23-пункттарды караңыз);

(b) тиешелүү этикалык талаптарды аткарууга кудуреттүү; жана

(c) конкреттүү кардардын ак ниеттүүлүгүн талдоону жүргүзгөн жана ал жетиштүү ак ниеттүү эместиги жөнүндө тыянак чыгарууга

ISQC

мүмкүндүк бере турган маалыматка ээ эмес (A19-A20, A23-пункттарды караңыз).

27. Мындай саясат жана жол-жоболор төмөнкүдөй талаптарды камтууга тийиш:

(a) аудитордук уюм жаңы кардардан тапшырманы алганга чейин, учурдагы тапшырманы улантуунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө маселени чечүүдө, ошондой эле учурдагы кардардан жаңы тапшырманы кабыл алуу маселесин кароо учурунда ал конкреттүү жагдайларда зарыл деп эсептеген маалыматты чогултууга тийиш (A21, A23-пункттарды караңыз);

(b) эгерде жаңы же учурдагы кардардан тапшырманы аткаруу жөнүндө чечимди кабыл алуу учурунда кызыкчылыктардын потенциалдуу конфликти табылса, аудитордук уюм бул тапшырманы кабыл алуу орундуу экенин же жоктугун аныктоого тийиш;

(c) эгерде көйгөйлөр табылган болсо, аудитордук уюм кардарды кабыл алууну же аны менен мамилени улантууну же болбосо айрым тапшырманы кабыл алууну же улантууну чечсе, аудитордук уюм табылган көйгөйлөр кандай түрдө чечилгенин документтештирүүгө тийиш.

28. Аудитордук уюм маалымат мурда жеткиликтүү болгон учурда аудитордук уюм бул тапшырманы аткаруудан баш тартышына алып келиши мүмкүн болгон маалыматты алган учурдагы кырдаал каралган тапшырманы аткарууну жана кардарлар менен мамилени улантуу жагынан саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш. Мындай саясат жана жол-жоболор төмөнкүдөй маселелерди кароону камтууга тийиш:

(a) бул жагдайларга карата кесиптик жана юридикалык милдеттер колдонулабы, анын ичинде уюм аны дайындаган адамга же адамдарга же айрым учурларда жөнгө салуучу органдарга отчет берүүгө милдеттүүбү; жана

(b) тапшырманы аткаруудан баш тартуу же бир эле учурда конкреттүү кардар менен мамилелерди улантуудан баш тартуу менен тапшырманы аткаруудан баш тартуу мүмкүнчүлүгүн (A22-A23-пункттарды караңыз).

## Кадрдык ресурстар

29. Аудитордук уюм ал тиешелүү компетенттүүлүгү бар жана квалификацияга ээ болгон жана төмөнкүлөр үчүн зарыл болгон этика

принциптерине берилген жетиштүү сандагы персоналга ээ экендигине анын акылга сыярлык ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга чакырылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш:

(a) кесиптик стандарттарга жана колдонулуучу мыйзамдык жана ченемдик талаптарга ылайык тапшырмаларды аткаруу; жана

(b) бул жагдайларда талаптагыдай аудитордук корутундуларды чыгаруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу (А24-А29-пункттарды караңыз).

*Аудитордук топторду дайындоо*

30. Аудитордук уюм ар бир тапшырма үчүн жоопкерчиликти тапшырманын жетекчисине жүктөөгө жана төмөнкүлөрдү талап кылган саясатты жана жол-жоболорду иштеп чыгууга тийиш:

(a) тапшырманын жетекчисинин ысымы жана функциялары жөнүндө маалымат жетекчиликтин өзөктүү мүчөлөрүнө жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга кабарлануусун;

(b) аудитордук тапшырманын жетекчиси ага ушундай сапатта иш алып барууга мүмкүндүк берген тиешелүү компетенттүүлүккө, жөндөмдөргө жана ыйгарым укуктарга ээ болушун; жана

(c) тапшырманын жетекчисинин милдеттери айкын аныкталышын жана ага жеткирилишин (А30-пунктту караңыз).

31. Аудитордук уюм ошондой эле төмөнкүлөр үчүн зарыл компетенттүүлүгү жана жөндөмдөрү бар талаптагыдай персоналды дайындоо боюнча саясатты жана жол-жоболорду белгилөөгө тийиш:

(a) кесиптик стандарттарга жана колдонулуучу укуктук жана ченемдик талаптарга ылайык тапшырмаларды аткаруу; жана

(b) аудитордук уюмга же текшерүүлөрдүн жетекчилерине конкреттүү жагдайларга ылайык келген аудитордук корутундуларды чыгаруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу (А31-пунктту караңыз).

**Тапшырманы аткаруу**

32. Аудитордук уюм тапшырмалар кесиптик стандарттарга жана колдонулуучу мыйзамдык жана ченемдик талаптарга ылайык аткарылып жатканына жана аудитордук уюм же аудитордук тапшырманын жетекчиси конкреттүү жагдайларга ылайык келген корутундуну чыгарып жатканына анын акылга сыярлык ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга чакырылган саясатты жана жол-

жоболорду киргизүүгө тийиш. Мындай саясат жана жол-жоболор төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

(a) тапшырмаларды аткаруунун туруктуу сапатын сактоо үчүн маанилүү маселелерди (А32-А33-пункттарды караңыз);

(b) тапшырманын аткарылышына көзөмөлдү жүзөгө ашыруу боюнча жоопкерчиликти жана милдеттерди (А34-пунктту караңыз);

(c) тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү боюнча жоопкерчиликти жана милдеттерди (А35-пунктту караңыз).

33. Иштин натыйжаларын текшерүү үчүн жоопкерчилик жагынан аудитордук уюмдун саясаты жана жол-жоболору аудитордук топтун тажрыйбасы азыраак мүчөлөрүнүн ишин анын алда канча тажрыйбалуу мүчөлөрү текшерүүсүнүн зарылчылыгын белгилөөгө тийиш.

*Консультациялар*

34. Аудитордук уюм төмөнкүлөргө анын акылга сыярлык ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга чакырылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө:

(a) татаал же талаш маселелер боюнча ойдогудай консультациялар жүргүзүлүп жатат;

(b) ойдогудай консультацияларды жүргүзүү үчүн жетиштүү ресурстар бар;

(c) консультациялардын мүнөзү жана көлөмү, ошондой эле алардын натыйжалары боюнча жасалган тыянактар документке түшүрүлүп жана консультацияны сураткан, ошондой эле аны берген жак тарабынан макулдашылууда; жана

(d) консультациялардын натыйжалары боюнча жасалган тыянактар практикада ишке ашырылып жатат (А36-А40-пункттарды караңыз).

*Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү*

35. Аудитордук уюм тиешелүү тапшырмалар үчүн тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүнү талап кылган, тапшырманы аткарууда аудитордук топ иштеп чыккан маанилүү ой жүгүртүүлөрдү жана корутундуну түзүүдө топ чыгарган тыянактарды объективдүү баалоону камсыз кылуучу саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш. Мындай саясат жана жол-жоболор:

(a) баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишкананын финансылык отчеттуулугунун аудитинин учурунда тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүнү;

(b) алар боюнча өткөн мезгилдердин финансылык маалыматынын бардык калган аудитордук жана обзордук текшерүүлөрү, ошондой эле ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалар жана тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүү зарылчылыгын аныктаган коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмалар бааланууга тийиш болгон критерийлерди белгилөөнү (А41-пунктту караңыз);

(c) 35(b)-пунктту сактоо максатында белгиленген критерийлерге ылайык келген бардык текшерүүлөр үчүн тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүнү талап кылууга тийиш.

36. Аудитордук уюм тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнүн мүнөзүн, мөөнөттөрүн жана көлөмүн аныктаган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш. Мындай саясат жана жол-жоболор аларга ылайык тапшырманын натыйжалары боюнча корутунду ушул тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү аяктаган күндөн алда канча мурдагы күн коюлбай турган талапты камтууга тийиш (А42-А43-пункттарды караңыз).

37. Аудитордук уюм тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүгө төмөнкүлөрдү киргизүүнү талап кылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш:

(a) маанилүү маселелерди тапшырманын жетекчиси менен талкуулоону;

(b) финансылык отчеттуулуктун же башка текшерилүүчү маалыматтын жана сунуш кылынып жаткан корутундунун обзорун;

(c) топ иштеп чыккан маанилүү ой жүгүртүүлөргө жана ал чыгарган тыянактарга карата тиешеси бар аудитордук документтерди ылгоонун негизиндеги обзорду; жана

(d) корутундуну түзүү учурунда жасалган тыянактарды жана сунуш кылынып жаткан корутунду ойдогудай болуп санала тургандыгын же жоктугун талдоону баалоону (А44-пунктту караңыз).

38. Баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишканалардын финансылык отчеттуулугунун аудитин жүргүзүүдө аудитордук уюм тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү учурунда төмөнкүдөй

ISQC

маселелер да каралышын талап кылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш:

(a) конкреттүү аудитке карата аудитордук уюмдун көз карандысыздыгынын аудитордук топ тарабынан баалоо;

(b) тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө ача пикирлерди пайда кылган маселелер же башка татаал же талаш маселелер боюнча талаптагыдай консультациялардын болушу же жоктугу, ошондой эле ушул консультациялардын натыйжалары боюнча жасалган тыянактар; жана

(c) обзор үчүн тандалган документтер маанилүү ой жүгүртүүлөр жагынан аткарылган ишти чагылдыра тургандыгын же жоктугун, ошондой эле ал жасалган тыянактарды ырастай тургандыгын же жоктугун баалоо (A45-A46-пункттарды караңыз).

Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүзөгө ашыруучу жактардын шайкештик критерийлери

39. Аудитордук уюм төмөнкүлөр аркылуу тапшырманы аткаруунун жана алардын белгиленген критерийлерге шайкештигин аныктоонун сапатын текшерүүнү жүргүзүп жаткан жактарды дайындоо тартиби жагынан саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш:

(a) ушундай сапатта иш алып баруу үчүн зарыл болгон кесиптик квалификациянын деңгээлин, анын ичинде тиешелүү тажрыйбаны жана ыйгарым укуктарды белгилөө (A47-пунктту караңыз);

(b) тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүп жаткан жак өзүнүн объективдүүлүгүнө зыян келтирбестен бул тапшырманын маселелери боюнча консультация бере ала турганга чейинки даражаны аныктоо (A48-пунктту караңыз).

40. Аудитордук уюм тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүп жаткан жактын объективдүүлүгүн колдоого чакырылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш (A49-A51-пункттарды караңыз).

41. Аудитордук уюмдун саясаты жана жол-жоболору тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүп жаткан жакты алмаштыруу мүмкүнчүлүгүн бул жактын тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү объективдүү аткарууга жөндөмү коркунучка туш болушу мүмкүн болгон учурларда кароого тийиш.

Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү документтештирүү

42. Аудитордук уюм төмөнкүлөрдү документтик ырастоону талап кылган тапшырмаларды аткаруунун сапатын текшерүүнү документтештирүү саясатын жана жол-жоболорун киргизүүгө тийиш:

(a) тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү боюнча аудитордук уюмдун саясаты менен талап кылынуучу бардык жол-жоболор аткарылганын;

(b) тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү корутундунун күнүнө карата же ушул күнгө чейин аяктаганын; жана

(c) тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүзөгө ашырган жакка аудитордук топ жасаган олуттуу ой жүгүртүүлөр жана ал чыгарган тыянактар талаптагыдай эмес болуп калды деп болжолдоого негиз бере турган эч бир чечилбеген маселелер жөнүндө белгилүү эместигин.

Пикирлердеги келишпестиктер

43. Аудитордук уюм аудитордук топтун ичинде консультанттар менен жана, муну колдонууга мүмкүн болгон жерде, аудитордук тапшырманын жетекчисинин жана тапшырма боюнча сапатты текшерүүнү жүзөгө ашырган адамдын ортосундагы пикир келишпестиктерди кароо жана чечүү боюнча саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш (А52-А53-пункттарды караңыз).

44. Мындай саясат жана жол-жоболор төмөнкүлөрдү талап кылууга тийиш:

(a) чыгарылган тыянактар документ менен таризделишин жана тапшырманы аткаруу учурунда ишке ашырылышын; жана

(b) талаш маселе чечилгенге чейин корутундуга дата коюлбашын.

Тапшырма боюнча документация

Тапшырма боюнча жыйынтык файлдарды түзүүнү аяктоо

45. Аудитордук уюм тапшырма боюнча корутунду жагындагы ишти аяктагандан кийин тапшырма боюнча жыйынтык файлды түзүүнү өз учурунда аяктоону аудитордук топтордон талап кылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш (А54-А55-пункттарды караңыз).

Тапшырма боюнча документтердин купуялыгы, аны ишенимдүү сактоо, бүтүндүгү, жеткиликтүүлүгү жана алуу мүмкүнчүлүгү

46. Аудитордук уюм тапшырма боюнча документтердин купуялуулугун, ишенимдүү сакталышын, бүтүндүгүн, жеткиликтүүлүгүн жана алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш (А56-А59-пункттарды караңыз).

Тапшырма боюнча документтерди сактоо

47. Аудитордук уюм аудитордук уюмдун өзүнүн муктаждыктарын канааттандыруу үчүн же мыйзамдардын же ченемдик актылардын талаптарына шайкештик үчүн жетиштүү болгон убакыт аралыгында документтерди сактоону талап кылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш (А60-А63-пункттарды караңыз).

Мониторинг

Аудитордук уюмдун сапатты контролдоо саясатынын жана жол-жоболорунун мониторинги

48. Аудитордук уюм сапатты контролдоо системасына тиешелүү өзүнүн саясаты жана жол-жоболору жетиштүү жана натыйжалуу иштеп жатканына анын акылга сыярлык ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга чакырылган мониторинг процессин уюштурууга тийиш. Бул чаралар:

(a) тапшырманын ар бир жетекчиси үчүн эч болбогондо бир бүткөрүлгөн тапшырма боюнча мезгилдүү инспекциялоону кошо алганда, аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасынын үзгүлтүксүз талдоосун жана баалоосун камтууга;

(b) бул жоопкерчиликти өзүнө алуу үчүн өнөктөшкө же өнөктөштөргө, же аудитордук уюмдагы жетиштүү жана ишенимдүү тажрыйбасы жана ыйгарым укуктары бар башка адамдарга мониторинг процесси үчүн жоопкерчиликти жүктөө боюнча талаптарды кароого; жана

(c) тапшырманы аткарууга же тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүгө катышып жаткан адамдар ушул тапшырманы инспекциялоого тартылбашы үчүн талаптарды кароого тийиш (А64-А68-пункттарды караңыз).

*Аныкталган кемчиликтерди баалоо, алар жөнүндө кабарлоо жана аларды жоюу*

49. Аудитордук уюм мониторинг процессинин натыйжасында аныкталган кемчиликтердин натыйжаларын баалоого жана алар төмөнкүдөй болуп санала тургандыгын же жоктугун аныктоого тийиш:

(a) бул уюм кесиптик стандарттарга жана колдонулуучу укуктук жана ченемдик талаптарга шайкеш келет жана аудитордук уюм же текшерүүлөрдүн жетекчилери чыгарган корутундулар конкреттүү жагдайларда ойдогудай мүнөздө деп анын акылга сыярлык ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасы жетишсиз экенин сөзсүз эле көрсөтпөгөн сейрек учурлар болуп саналарын; же

(b) аларды ондоо боюнча тез арадагы чараларды көрүүнү талап кылган системалуу, кайталанган же башка олуттуу кемчиликтер экендигин.

50. Аудитордук уюм мониторинг процессинин натыйжасында аныкталган кемчиликтер жөнүндө жана аларды жоюу үчүн талаптагыдай чараларды көрүү боюнча сунуштамалар жөнүндө текшерүүлөрдүн тиешелүү жетекчилерине жана буга тиешеси бар башка персоналга кабарлоого тийиш (A69-пунктту караңыз).

51. Табылган кемчиликтерди жоюу үчүн ойдогудай чараларды көрүү боюнча сунуштамалар төмөндө баяндалгандардын ичинен бирөөнү же андан ашыгын камтууга тийиш:

(a) айрым тапшырмага же айрым кызматкерге карата кемчиликтерди жоюу үчүн ойдогудай чараларды көрүүнү;

(b) персоналды кесиптик даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу үчүн жооптуу адамдарга жыйынтыктарды билдирүүнү;

(c) сапатты контролдоо саясатына жана жол-жоболоруна өзгөртүүлөрдү киргизүүнү; жана

(d) аудитордук уюмдун саясатын жана жол-жоболорун сактабагандарга, өзгөчө, аларды дайыма бузгандарга тартиптик таасир этүү чараларын колдонууну.

52. Аудитордук уюм мониторинг жол-жоболорунун натыйжалары корутунду ойдогудай эмес болуп чыгышы мүмкүн экенин же болбосо тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө айрым жол-жоболор калып кеткенин көрсөткөн учурлар каралган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш. Мындай саясат жана жол-жоболор аудитордук уюмдан тиешелүү кесиптик стандарттарды жана колдонулуучу укуктук жана ченемдик талаптарды сактоону камсыз кылуу үчүн андан аркы кандай чараларды көрүү зарыл экенин аныктоону, ошондой эле юридикалык консультацияны алуу зарылчылыгы жөнүндө маселени кароону талап кылууга тийиш.

53. Аудитордук уюм жылына кеминде бир жолу өзүнүн сапатты контролдоо системасынын мониторингинин натыйжаларын текшерүүлөрдүн жетекчилерине жана буга тиешеси бар аудитордук уюмдун башка адамдарына, анын ичинде аудитордук уюмдун башкы директоруна же, эгерде орундуу болсо, өнөктөрдүн башкаруучу комитетине кабарлоого тийиш. Кабарланып жаткан маалымат уюмдарга жана көрсөтүлгөн адамдарга, бул алардын белгиленген функцияларына жана милдеттерине ылайык зарыл болгон жерде, өз учурундагы жана

ISQC

ойдогудай чараларды көрүүгө мүмкүндүк берүү үчүн жетиштүү болууга тийиш. Кабарланып жаткан маалымат төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

(a) мониторингдин аткарылган жол-жоболорунун сыпаттамасын;

(b) мониторингдин ушул жол-жоболорунун натыйжалары боюнча жасалган тыянактарды;

(c) бул орундуу болгон жерде, системалуу, кайталанган же башка маанилүү кемчиликтердин жана бул кемчиликтерди жоюу же оңдоо боюнча көрүлгөн чаралардын сыпаттамасын.

54. Айрым аудитордук уюмдар өз ишин тармактын курамында жана бир түргө келтирүү максатында тармактын алкагында мониторингдин жол-жоболорунун айрымдарын киргизе алат. Аудитордук уюмдар бирдиктүү тармактын алкагында өз ишин ушул Сапатты контролдоонун эл аралык стандартын сактоону камсыз кылууга чакырылган мониторингдин бирдиктүү саясатынын жана жол-жоболорунун негизинде жүргүзүлгөн жана бул аудитордук уюмдар тармактык аудитордук уюмдун мониторингинин, саясатынын жана жол-жобосунун ушундай системасына таянган учурда төмөнкүлөр талап кылынууга тийиш:

(a) тармак жылына кеминде бир жолу бул тармакка кирген уюмдардагы талаптагыдай деңгээлдеги адамдарына мониторинг процессинин масштабдары, көлөмдөрү жана натыйжалары жөнүндө маалыматты жеткириши; жана

(b) тармак сапатты контролдоо системасындагы табылган бардык кемчиликтер жөнүндө тиешелүү уюмдун же тармакка кирген уюмдардын кызыкдар адамдарына зарыл чараларды көрүүгө болгудай,

тармакка кирген уюмдардагы текшерүүлөрдүн жетекчилери бул тармакка киргизилген мониторинг процессинин тиешелүү натыйжаларына таяна алышы үчүн тез арада кабарлоосу.

*Даттануулар жана арыздар*

55. Аудитордук уюм ал төмөнкүлөрдү талаптагыдай түрдө карап жатканына өзүнүн акылга сыярлык ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга чакырылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш:

(a) аудитордук уюм аткарган иш кесиптик стандарттарга жана колдонулуучу укуктук жана ченемдик талаптарга ылайык келбей тургандыгы жөнүндө даттанууларды жана арыздарды; жана

(b) аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасынын талаптары сакталбагандыгы жөнүндө арыздарды.

Бул процесстин алкагында аудитордук уюм уюмдун кызматкерлери куугунтуктоодон коркпостон өзүнүн кооптонуулары жөнүндө кабарлай алышы үчүн аларга маалыматты берүүнүн так аныкталган ыкмаларын түзүүгө тийиш (A70-пунктту караңыз).

56. Эгерде даттануулардын жана арыздардын материалдары боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүүдө аудитордук уюмдун сапатты контролдоо саясатынын жана жол-жоболорунун мазмунунда же иштешинде кемчиликтер же бир же көп жактар аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасынын талаптарын сактабаган учурлар табылса, аудитордук уюм 51-пунктта баяндалган талаптагыдай чараларды көрүүгө тийиш (A71-A72-пункттарды караңыз).

**Сапатты контролдоо системасынын документтери**

57. Аудитордук уюм анын сапатты контролдоо системасынын ар бир элементинин иштешинин далилдерин камсыз кылуучу талаптагыдай документтердин болушун талап кылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш (A73-A75-пункттарды караңыз).

58. Аудитордук уюм мониторинг жол-жобосун аткарып жаткан адамдар анын сапатты контролдоо системасынын талаптарын уюм сакташына баа бере алышы үчүн жетиштүү болгон убакыт аралыгында же, бул мыйзамдарда же ченемдик актыларда талап кылынса, алда канча узак убакыт аралыгында документтерди сактоону талап кылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш.

59. Аудитордук уюм даттанууларды жана арыздарды, ошондой эле аларга жоопторду документтештирүүнү талап кылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш.

***

## Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар

### Тиешелүү талаптарды колдонуу жана сактоо

*Чакан аудитордук уюмдардын өзгөчөлүктөрү* (14-пунктту караңыз)

A1. Ушул СКЭС конкреттүү кырдаалда, мисалы кызматкерлери болбогон жеке практикалык адис болгон учурда колдонулбай турган талаптарды сактоону талап кылбайт. Кызматкерлер жок болгон учурда аудитордук топко ойдогудай персоналды дайындоо боюнча саясатка жана жол-

жоболорго карата (31-пунктту караңыз), сапатты учурдагы текшерүү боюнча милдеттер жагынан (33-пунктту караңыз) жана мониторингдин натыйжалары жөнүндө аудитордук уюмдун тапшырмаларынын жетекчилерине ар жылдагы маалымдоо жагынан талаптар (53-пунктту караңыз) сыяктуу ушул СКЭСтин талаптары колдонулбайт.

**Сапатты контролдоо системасынын элементтери** (17-пунктту караңыз)

A2. Демейде сапатты контролдоо саясатын жана жол-жоболорун аудитордук уюмдун кызматкерлерине жеткирүү сапатты контролдоо саясатынын жана жол-жоболорунун, ошондой эле аларга жетишүү үчүн белгиленген максаттардын сыпаттамасын жана ар бир кызматкер сапат үчүн жеке жооп бере тургандыгы жана ошондуктан бул саясатты жана жол-жоболорду сактоого тийиш экендиги жөнүндө маалымдоону карайт. Сапатты контролдоо маселелери боюнча өз ой-пикирлери же кооптонуулары жөнүндө маалымдоого аудитордук уюмдун кызматкерлерин шыктандыруу аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасынын иштеши боюнча кайчы байланышты алуунун маанилүүлүгүн ырастайт.

*Чакан аудитордук уюмдардын өзгөчөлүктөрү*

A3. Чакан аудитордук уюмдарда саясатты жана жол-жоболорду документтештирүү жана таратуу ири аудитордук уюмдарга салыштырганда азыраак формалдуу жана кең-кесири болушу мүмкүн.

**Аудитордук уюмдун ичиндеги сапат үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги**

*Сапаттын ички корпоративдик маданиятын илгерилетүү* (18-пунктту караңыз)

A4. Аудитордук уюмдун жетекчилери жана алар көрсөткөн үлгү аудитордук уюмдун ички корпоративдик маданиятына кыйла таасир этет. Сапатка жетишүүгө багытталган ички корпоративдик маданиятты илгерилетүү айкын, ырааттуу жана системалуу аракеттерге жана аудитордук уюмдун бардык деңгээлдеги жетекчилигинин өкүлдөрүнүн билдирүүлөрүнө байланыштуу, алар аудитордук уюмдун сапатты контролдоо саясатынын жана жол-жоболорунун маанилүүлүгүн жана төмөнкүдөй талаптардын зарылчылыгын баса белгилейт:

(a) ишти кесиптик стандарттарга жана колдонулуучу укуктук жана ченемдик талаптарга ылайык аткаруу; жана

(b) конкреттүү жагдайлардагы ойдогудай аудитордук корутундуларды түзүү.

Мындай аракеттер жана билдирүүлөр маданиятты колдоого көмөктөшөт, анын алкагында жогорку сапаттагы иш таанылат жана сыйланат. Бул аракеттер жана билдирүүлөр кызматкерлерге окутуучу семинарларда, кеңешмелерде, формалдуу жана формалдуу эмес талкуулардын учурунда уюмдун миссиясы жөнүндө билдирүүлөрдө, ички маалыматтык корпоративдик басылмаларда же кызматтык кат-кабарларда жана башкаларда жеткирилиши мүмкүн. Алар аудитордук уюмдун ички документтеринин жана окуу материалдарынын курамдык бөлүгү болушу мүмкүн, ошондой эле, ошентип, сапаттын биринчи даражадагы маанилүүлүгү жана ага жетишүүнүн практикалык ыкмалары жагынан уюмдун позициясын баса белгилөө жана чындоо үчүн өнөктөрдү жана кызматкерлерди аттестациялоо жол-жоболорунда эске алынышы мүмкүн.

A5. Сапатка негизделген ички корпоративдик маданиятты илгерилетүүдө аудитордук уюмдун жетекчилери уюмдун стратегиясы уюм аткара турган бардык тапшырмаларда сапатка жетишүүнүн милдеттүү талабына баш ийдирилгендигинин фактысын таанышынын зарылчылыгы өзгөчө маанилүү ролду ойнойт. Ушундай ички корпоративдик маданиятты алга илгерилетүү төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) сапатты уюштурууга кыйшаюусуз берилгендикти көрсөткөн өзүнүн кызматкерлерине карата аудитордук уюм тарабынан натыйжалуулукту баалоо, аны сыйлоо жана кызматка көтөрүү маселелерин (анын ичинде материалдык сыйлоо системасын) чечүүгө багытталган саясатты жана жол-жоболорду белгилөө;

(b) коммерциялык ой-пикирлер аткарылуучу иштердин сапатынын маселелерине басымдуулук кылбагыдай түрдө жетекчиликке жоопкерчиликти жүктөө; жана

(c) аудитордук уюмдун сапатты контролдоо саясатын жана жол-жоболорун өнүктүрүү, документтештирүү жана колдоо үчүн жетиштүү ресурстарды камсыз кылуу.

*Аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасынын иштеши үчүн жоопкерчиликти дайындоо* (19-пунктту караңыз)

A6. Жетиштүү жана талаптагыдай тажрыйба менен жөндөмдөр аудитордук уюмдун сапатты контролдоо системасы үчүн жооп берүүчү адамына же адамдарына сапатты контролдоо менен байланышкан көйгөйлөрдү табууга жана түшүнүүгө жана тиешелүү саясатты жана жол-жоболорду иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Зарыл ыйгарым укуктар бул адамга же адамдарга ушул саясатты жана жол-жоболорду ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

ISQC

**Тиешелүү этикалык талаптар**

*Тиешелүү этикалык талаптарды сактоо* (20-пунктту караңыз)

A7. . БЭЭСК кодекси кесиптик этиканын негиздүү принциптерин белгилейт, алар төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) ак ниеттүүлүктү;

(b) объективдүүлүктү;

(c) кесиптик компетенттүүлүктү жана талаптагыдай кылдаттыкты;

(d) купуялуулукту; жана

(e) кесиптик жүрүм-турумду.

A8. БЭЭСК кодексинин В бөлүгү концептуалдык негиздер конкреттүү кырдаалдарда кандай колдонууга тийиш экенин көрсөтүп турат. Ал негиздүү принциптердин сакталышына коркунучту нейтралдаштырууну сактоого коркунучту четтетүү үчүн орундуу болушу мүмкүн болгон этияттык чаралары сыяктуу мисалдарды, ошондой эле тиешелүү коркунучтарды четтете ала турган ушундай этияттык чаралары болбогон кырдаалдардын мисалдарын келтирет.

A9. Ушул негиздүү принциптер, атап айтканда, төмөнкүлөрдүн эсебинен бекемделет:

- аудитордук уюмдун жетекчилигинин;
- окутуунун жана кайра даярдоонун;
- мониторингдин; жана
- принциптер сакталбаган учурларга арналган процесстин.

«Аудтордук уюм», «Тармак» жана «Тармакка кирген уюмдар» аныктамалары (20-25-пункттарды караңыз)

A10. Тиешелүү этикалык талаптарда «аудитордук уюм», «тармак» жана «тармакка кирген уюм» аныктамалары ушул Сапатты контролдоонун эл аралык стандартында кабыл алынгандан айырмаланышы мүмкүн. Мисалы, БЭЭСК кодекси «аудтордук уюмду» төмөнкүдөй аныктайт:

(a) жекече практикалык адис, өнөктөш же кесипкөй бухгалтерлердин корпорациясы;

(b) ээлик кылуу, башкаруу аркылуу же башкача түрдө ушундай адамдарды контролдогон ишкана; жана

(c) ээлик кылуу, башкаруу аркылуу же башкача түрдө ушундай адамдар тарабынан контролдонгон ишкана.

БЭЭСК кодекси ошондой эле «тармак» жана «тармакка кирген уюм» сыяктуу терминдер жагынан көрсөтмөлөрдү камтыйт.

20-25-пункттардын талаптары сакталган учурда, тиешелүү этикалык талаптарда келтирилген аныктамалар ушул этикалык талаптарды чечмелөө үчүн зарыл болгон өлчөмдө колдонулат.

Жазуу жүзүндөгү тастыктоо (24-пунктту караңыз)

A11. Жазуу жүзүндөгү тастыктоо кагаз же электрондук түрдө түзүлүшү мүмкүн. Сактабагандыкты көрсөткөн маалыматка жооп иретинде тастыктоону алып жана зарыл чараларды көрүп, аудитордук уюм көз карандысыздык маселелеринин маанилүүлүгүн, актуалдуулугун жана айкындыгын кызматкерлерге көрсөтөт.

Тааныштык менен шартталган коркунуч (25-пунктту караңыз)

A12. БЭЭСК кодексинде тааныштык менен шартталган коркунуч каралат, ал узак мезгил аралыгында ишенимди камсыз кылуучу тапшырмаларды, ошондой эле мындай коркунучтарды четтетүү үчүн орундуу болуп чыгышы мүмкүн болгон этияттык чараларын аткаруу үчүн уюмдун бир эле улук кызматкерлери тартылган учурда келип чыгышы мүмкүн.

A13. Тааныштык менен шартталган коркунучту четтетүү үчүн талаптагыдай критерийлерди аныктоо төмөнкүдөй маселелерди камтышы мүмкүн:

- тапшырманын мүнөзү, анын ичинде ал коомдук кызыкчылыкты билдирген маселелер менен байланыштуу болгон даража; жана
- бул тапшырманын алкагында уюмдун улук кызматкерлеринин ишинин узактыгы.

Көрүлүп жаткан этияттык чараларынын мисалдары уюмдун улук кызматкерлерин ротациялоону же тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүү талабын камтыйт.

A14. ЭЭСК кодексинде тааныштык менен шартталган коркунуч баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишканалардын финансылык отчеттуулугунун аудитинин контекстинде өзгөчө актуалдуу деп таанылат. Бул аудитордук текшерүүлөр үчүн БЭЭСК кодекси демейде жети жылдан ашпаган мурдатан белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин аудит боюнча өзөктүү өнөктү ротациялоону жүргүзүүнү[4] талап кылат жана тиешелүү стандарттарды жана көрсөтмөлөрдү келтирет. Улуттук мыйзамдардын талаптары

[4] БЭЭСК Кодексинин аныктамасына ылайык

ротациялоону жүргүзүүнүн алда канча кыска мөөнөттөрүн белгилеши мүмкүн.

Мамлекеттик сектордун аудитордук уюмдарынын өзгөчөлүктөрү

A15. Мамлекеттик сектордун аудиторлорунун көз карандысыздыгы мыйзамдык жөнгө салуу чаралары менен камсыз кылынышы мүмкүн. Бирок көз карандысыздык коркунучтары аны коргоого арналган мыйзамдык жөнгө салуу чараларына карабастан баары бир болушу мүмкүн. Ошондуктан 20-25-пункттарда талап кылынган тиешелүү саясатты жана жол-жоболорду иштеп чыгууда мамлекеттик сектордогу уюмдардын аудитору мамлекеттик секторго кызмат көрсөтүүдө келип чыккан талаптарды эске ала алат жана ушул контекстте көз карандысыздык коркунучтарын жоюу боюнча маселени чече алат.

A16. Баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген, 25 жана A14-пункттарда эске алынган ишканалар мамлекеттик сектордо анчалык орун алган эмес. Бирок өздөрүнүн өлчөмүнөн, татаалдыгынан же коомдук кызыкчылыктын аспекттеринен улам кыйла болуп саналган, ушундан улам кызыкдар тараптардын кеңири чөйрөсүн камтыган мамлекеттик сектордун башка ишканалары болушу мүмкүн. Ошондуктан аудитордук уюм өзүнүн сапатты контролдоо саясатынын жана жол-жоболорунун негизинде мамлекеттик сектордун ишканасы сапатты контролдоо жол-жоболорун кеңейтүү үчүн кыйла болуп саналат деп аныктаган кырдаал келип чыгышы мүмкүн.

A17. Мамлекеттик сектордо аудитордук тапшырманын жетекчиси болуп саналган аудиторду дайындоо тартиби жана анын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү мыйзамдуу түрдө белгилениши мүмкүн. Натыйжада баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишканалар үчүн каралган аудитордук тапшырманын жетекчисин ротациялоо талаптарын катуу сактоо мүмкүн эмес болуп чыгышы мүмкүн. Ошого карабастан, бул A16-пунктта белгиленгендей, кыйла деп эсептелген мамлекеттик сектордун ишканалары үчүн аудитордук уюмдар аудитордук тапшырманын жетекчисин ротациялоону жүргүзүү жөнүндө талаптардын духуна шайкештикке багытталган саясатты жана жол-жоболорду белгилеши коомдук кызыкчылыктарга жооп бериши мүмкүн.

## Кардарлар менен мамилелерди кабыл алуу жана улантуу, конкреттүү тапшырмаларды кабыл алуу жана аткаруу

*Даярдык деңгээли, мүмкүнчүлүктөр жана ресурстар* (26(a)-пунктту караңыз)

A18. Аудитордук уюм жаңы же колдо болгон кардардан жаңы тапшырманы аткаруу үчүн даярдык деңгээлине, мүмкүнчүлүктөргө жана ресурстарга

ээ экендиги же жоктугу жөнүндө маселени кароо бул тапшырма же адистешүү боюнча конкреттүү талаптарды, анын ичинде талдоону, ошондой эле төмөнкүдөй аспекттерди кошо алганда, иштеп жаткан өнөктөштөрдүн жана бардык тиешелүү деңгээлдеги персоналдын билимдерин жана тажрыйбасын болжолдойт:

- аудитордук уюмдун кызматкерлеринин тиешелүү тармактар же предметтик тармактар жагынан билими бардыгын;
- аудитордук уюмдун кызматкерлеринде тиешелүү ченемдик талаптарды же отчеттуулукка карата талаптарды колдонуу тажрыйбасы же болбосо зарыл квалификацияны алуу мүмкүнчүлүгү бардыгын;
- аудитордук уюмда зарыл деңгээлдеги даярдыгы жана жөндөмдөрү бар жетиштүү сандагы кызматкерлери бардыгын;
- зарыл болгон учурда эксперттерди тартуу мүмкүнчүлүктөрү бардыгын;
- бул колдонула алган жерде, тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү аткаруу үчүн критерийлерге жана талаптарга жооп берген адамдар бардыгын; жана
- аудитордук уюм отчеттуулукту чыгаруу үчүн белгиленген мөөнөттө тапшырманы аяктоого кудуреттүүлүгүн.

*Кардардын ак ниеттүүлүгү* (26(c)-пунктту караңыз)

A19. Кардардын ак ниеттүүлүгү жагынан талдоо зарыл болгон маселелер төмөнкүлөрдү камтыйт, мисалы:

- кардардын негизги менчик ээлеринин, жетекчиликтин негизги мүчөлөрүнүн жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын жеке жана иштиктүү аброю жөнүндө маалыматты;
- бул кардардын ишинин мүнөзү, анын ичинде анын ишкер мамилелеринин практикасы жөнүндө маалыматтарды;
- финансылык отчеттуулуктун стандарттарын агрессивдүү чечмелөө жана ички контролдук чөйрө сыяктуу маселелерге карата кардардын негизги менчик ээлеринин, анын жетекчилигинин өзөктүү мүчөлөрүнүн жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын мамилеси жөнүндө маалыматты;
- кардар аудитордук уюмдун сыйакысын мүмкүн болгон төмөнкү чоңдукка чейин төмөндөтүүгө багытталган агрессивдүү позицияны ээлегенин;

ISQC

- иштердин көлөмүндө негизсиз чектөөнүн белгилери бардыгын;
- кардардын акча каражаттарын адалдоо же башка жазыктык жазалануучу жосундарга ыктымалдуу катышуусунун белгилери бардыгын;
- мурдагы аудитордук уюмду кайталап дайындабастан, тиешелүү аудитордук уюмду дайындоо сунуш кылынышына негиз болгон себептерди;
- байланыштуу тараптардын ким экендиги жана иштиктүү аброю жөнүндө маалыматтарды.

Кардардын ак ниеттүүлүгү жагынан аудитордук уюм ээ боло турган билимдердин көлөмү демейде ушул кардар менен улантылып жаткан мамилелердин шартында өсөт.

A20. Ушул маселелер боюнча аудитордук уюм алган маалыматтын булактары төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- колдонулуучу этикалык талаптарга ылайык кардарга кесипкөй бухгалтердик кызмат көрсөтүп жаткан же кызмат көрсөткөн учурдагы же мурдагы жактар менен баарлашуу, ошондой эле бул маселелерди башка үчүнчү жактар менен талкуулоо;
- башка аудитордук уюмдардын кызматкерлерине же банктар, юристтер жана ушул эле тармакта иштеп жаткан башка уюмдар сыяктуу үчүнчү жактарга суроо-талаптар;
- тиешелүү маалымат базалары боюнча издөө.

*Кардарлар менен мамилелерди улантуу* (27(а)-пунктту караңыз)

A21. Кардар менен мамилени улантуу жөнүндө чечимди кабыл алуу тапшырманы учурдагы же мурдагы аткаруунун жүрүшүндө келип чыккан маанилүү маселелерди жана алардын натыйжаларын талдоону болжолдойт. Мисалы, кардар аудитордук уюмда зарыл билимдер жана тажрыйба болбогон тармакта өз ишин кеңейтүүнү баштай алмактыгын.

*Тапшырманы аткаруудан баш тартуу* (28-пунктту караңыз)

A22. Тапшырманы аткаруудан баш тартуу же кардар менен мамилелерди бир эле учурда үзүү менен баш тартуу тартиби боюнча саясат жана жол-жоболор төмөнкүдөй маселелерди чагылдырат:

- тиешелүү фактылардын жана жагдайлардын негизинде аудитордук уюм кабыл ала турган талаптагыдай чараларды кардардын тиешелүү жетекчилиги менен, ошондой эле

корпоративдик башкаруу үчүн жооптуу адамдар менен талкуулоо;

- эгерде аудитордук уюм тапшырманы аткаруудан баш тартуу максатка ылайык деген тыянакка келсе, тапшырманы аткаруудан баш тартууну же кардар менен мамилелерди бир эле учурда бузуу менен баш тартууну, ошондой эле мындай баш тартуунун себептерин кардардын тиешелүү жетекчилиги менен, ошондой эле корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү адамдар менен талкуулоо;
- тапшырманы аткарууну улантууга аудитордук уюмга карата кесиптик, юридикалык же ченемдик талаптардын болушу жөнүндө маселени кароо же болбосо тапшырманы аткаруудан баш тартуу жөнүндө же кардар менен мамилелерди бир эле учурда бузуу менен баш тартуу жөнүндө, ошондой эле баш тартуунун себептери жөнүндө жөнгө салуучу органдарга кабарлоо;
- маанилүү маселелерди, консультацияларды, тыянактарды жана тыянактар үчүн негиздерди документтештирүү.

*Мамлекеттик сектордогу аудитордук уюмдардын өзгөчөлүктөрү* (26-28-пункттарды караңыз)

A23. Мамлекеттик сектордо аудиторлорду дайындоо мыйзамда белгиленген жол-жоболорго ылайык өтүшү мүмкүн. Тиешелүү түрдө, кардарларды кабыл алуу жана алар менен мамилелерди улантуу жана булар 26-28 жана A18-A22-пункттарда баяндалгандай түрдө айрым тапшырмаларды кабыл алуу жана аткаруу жагынан айрым талаптар жана ой-пикирлер алгылыксыз болуп чыгышы мүмкүн. Ошентсе да, сүрөттөлгөн саясаттарды жана жол-жоболорду белгилөө мамлекеттик сектордогу аудиторлорду тобокелдиктерди баалоону аткарууда жана отчеттор менен корутундуларды түзүү боюнча милдеттерди аткарууда баалуу маалымат менен камсыз кыла алат.

**Кадрдык ресурстар** (29-пунктту караңыз)

A24. Кадрдык ресурстарга тиешелүү саясатка жана аудитордук уюмдун жол-жоболоруна тиешеси бар кызматкерлер менен байланышкан маселелер, төмөнкүлөрдү камтыйт, мисалы:

- персоналды тандоону;
- иштин натыйжалуулугун баалоону;
- жөндөмдөрдү, анын ичинде учурдагы тапшырмаларды аткарууга убакытты;

ISQC

- компетенттүүлүктү;
- мансапты өнүктүрүүнү;
- кызмат боюнча көтөрүлүүнү;
- сыйакыны;
- кызматкерлердин муктаждыктарын баалоону.

Тандоонун натыйжалуу процесстери жана жол-жоболору аудитордук уюмга ак ниеттүү, аудитордук уюмдун иштерин аткаруу үчүн зарыл болгон өзүнүн даярдык жана квалификациялык деңгээлин жогорулатууга кудуреттүү, ошондой эле иштерди квалификациялуу аткаруу үчүн тиешелүү сапаттарга ээ болгон кызматкерлерди тандоого жардам берет.

A25. Даярдык деңгээлин ар түрдүү ыкмалар менен, анын ичинде төмөнкүлөр менен жогорулатууга болот:

- кесиптик билим;
- үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, анын ичинде окутуу;
- практикалык тажрыйба;
- алда канча тажрыйбалуу кызматкерлер, мисалы, аудитордук топтун башка мүчөлөрү тарабынан насаатчылык;
- көз карандысыздык талабын сактоого милдеттүү болгон кызматкерлер үчүн көз карандысыздыкты окутуу.

A26. Аудитордук уюмдун кызматкерлеринин компетенттүүлүгүн үзгүлтүксүз сактоо кыйла даражада үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүнүн талаптагыдай деңгээлине байланыштуу, ал кызматкерлерге өзүнүн билимдерин жана квалификациясын сактоого мүмкүндүк берет. Натыйжалуу саясат жана жол-жоболор бардык деңгээлдеги аудитордук уюмдун кызматкерлери үчүн үзгүлтүксүз даярдоо зарылчылыгын баса белгилейт жана бул үчүн зарыл окуу ресурстарын жана жардамды камсыз кылат, алар кызматкерлерге компетенттүүлүктүн жана квалификациянын зарыл деңгээлин өнүктүрүүгө жана сактоого мүмкүнчүлүк берет.

A27. Аудитордук уюм, мисалы, уюмда ички техникалык жана окуу ресурстары жокто, тиешелүү квалификациядагы бөтөн жактын кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалана алат.

A28. Иштердин натыйжалуулугун баалоо, сыйакы төлөө жана кызмат боюнча көтөрүү жол-жоболору этика принциптерин даярдоо жана сактоо деңгээлин өнүктүрүү жана колдоо боюнча аракеттерди эске алууга жана

кубаттоого тийиш. Этика принциптерин даярдоо жана сактоо деңгээлин өнүктүрүү жана колдоо үчүн аудитордук уюм жасай ала турган конкреттүү кадамдар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- иштин натыйжалуулугу жана этика принциптерине берилгендикке карата аудитордук уюмдун күтүүлөрүн кызматкерлерге жеткирүү;
- иштин, жетишкендиктердин жана мансапты өнүктүрүүнүн маселелери боюнча бааны жана консультацияларды алууда персоналдын мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу; жана
- жооптуураак кызмат орундарына көтөрүү башкалардан тышкары, иштин сапатына жана этика принциптерине берилгендикке байланыштуу экенин жана аудитордук уюмдун саясатын жана жол-жоболорун сактабагандык тартиптик таасир этүү чараларына алып келиши мүмкүн экенин түшүнүүдө кызматкерлерге жардам көрсөтүү.

*Чакан аудитордук уюмдардын өзгөчөлүктөрү*

A29. Аудитордук уюмдун өлчөмү жана конкреттүү жагдайлары аудитордук уюмда ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун баалоо процессин түзүүгө таасир этет. Атап айтканда, чакан аудитордук уюмдар алардын кызматкерлеринин ишинин натыйжалуулугун баалоону жүргүзүүнүн азыраак формалдуу методдорун колдонушу мүмкүн.

*Аудитордук топторду дайындоо*

Тапшырмалардын жетекчилери (30-пунктту караңыз)

A30. Саясат жана жол-жоболор ушул кызмат адамдарын өз милдеттерин ойдогудай аткарышы үчүн жетиштүү убакыт менен камсыз кылууга чакырылган иштин көлөмүнө көз салуу системасын жана аудитордук тапшырмалардын жетекчилеринин жеткиликтүүлүк даражасын камтый алат.

Аудитордук топ (31-пунктту караңыз)

A31. Уюм тарабынан адитордук топторду жана контролдоонун зарыл деңгээлин дайындоо, мисалы, аудитордук топто төмөнкүлөр болушунун талдоосун карайт:

- тиешелүү кесиптик даярдык жана тапшырмаларды аткарууга катышуу аркылуу ээ болгон, мүнөзү жана татаалдыгы боюнча окшош тапшырмаларды аткаруу түшүнүгү жана практикалык тажрыйбасы;

ISQC

- кесиптик стандарттарды жана колдонулуучу укуктук жана ченемдик талаптарды түшүнүү;
- техникалык билимдер жана тажрыйба, анын ичинде тиешелүү маалыматтык технологияларды билүү;
- кардарлар өз ишин жүргүзүп жаткан тармактарды билүү;
- кесиптик ой жүгүртүүнү колдонуу жөндөмү; жана
- аудитордук уюмдун сапатты контролдоо саясатын жана жол-жоболорун түшүнүү.

**Тапшырманы аткаруу**

*Тапшырмаларды аткаруунун сапатынын стабилдүүлүгүн сактоо* (32(а)-пунктту караңыз)

А32. Аудитордук уюм тиешелүү саясатты жана жол-жоболорду белгилөө аркылуу тапшырмаларды аткаруунун сапатынын стабилдүүлүгүн сактоого көмөктөшөт. Көпчүлүк учурларда буга басылма же электрондук түрдөгү колдонмолорду, компьютердик программаларды же документтердин башка стандарттуу формаларын, ошондой эле тармактык колдонмолорду же маалымдоочу тематикалык материалдарды колдонуу аркылуу жетишилет. Аларда төмөнкүдөй маселелер каралышы мүмкүн:

- топтордун мүчөлөрү өздөрүнүн ишинин максаттарын түшүнүшүнө жетишүү үчүн аудитордук топторго инструктаж уюштуруу;
- тапшырмаларды аткаруунун колдонулуучу стандарттарын сактоону камсыз кылуучу процесстер;
- тапшырманын аткарылышына көзөмөлдү жүзөгө ашыруу, персоналды окутуу жана насаатчылык процесстери;
- аткарылган иштин, иштелип чыккан маанилүү ой жүгүртүүлөрдүн жана чыгарылган корутундунун формасынын сапатын текшерүүнү жүргүзүү методдору;
- аткарылган иштерди, сапатты текшерүү мөөнөттөрүн жана көлөмүн талаптагыдай документтерштирүү;
- саясатты жана жол-жоболорду актуалдуу абалда кармап туруу боюнча процесстер.

А33. Командалык ишти жана окутууну туура уюштуруу аудитордук топтун тажрыйбасы азыраак мүчөлөрүнө тапшырылган иштин максаттарын айкын түшүнүүгө жардам берет.

*Тапшырманын аткарылышына көзөмөл* (32(b)-пунктту караңыз)

A34. Тапшырманын аткарылышына көзөмөл төмөнкүлөрдү камтыйт:

- тапшырманы аткаруунун жүрүшүнө байкоо жүргүзүү;
- топтун айрым мүчөлөрүнүн компетенттүүлүгүн жана квалификациясын талдоо, аларга тапшырылган иштин аткарылышы үчүн жетиштүү убакыттын болушу, алар алынган нускамаларды түшүнүшү, ошондой эле аткарылып жаткан иштердин конкреттүү тапшырмага карата пландаштырылган ыкмага шайкештиги;
- жүргүзүлүп жаткан тапшырманын жүрүшүндө келип чыккан маанилүү маселелерди кароо, алардын маанилүүлүгүн талдоо жана пландаштырылган ыкманы тиешелүү өзгөртүү; жана
- консультациялар үчүн маселелерди айкындоо же аны жүргүзүүнүн жүрүшүндө топтун алда канча тажрыйбалуу мүчөлөрүнүн карап чыгышы.

*Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү* (32(c)-пунктту караңыз)

A35. Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү төмөнкүдөй маселелерди кароонун талдоосун камтыйт:

- аткарылган иш кесиптик стандарттарга жана колдонулуп жаткан укуктук жана ченемдик талаптарга ылайык келишин;
- маанилүү маселелер кошумча кароо үчүн көтөрүлгөнүн;
- ойдогудай консультациялар жүргүзүлгөнүн; алардын тыянактары документтештирилгенин жана аткарылганын;
- аткарылган иштин мүнөзүн, мөөнөттөрүн жана көлөмүн кайра кароо зарылчылыгы бардыгын;
- аткарылган иштин мүнөзүн, мөөнөттөрүн жана көлөмүн кайра кароо зарылчылыгы бардыгын;
- алынган далилдер жетиштүүлүгүн жана алар корутундуда жасалган тыянактарды ырастаганын; жана
- бул тапшырманын бардык жол-жоболоруна жетишилгенин.

*Консультациялар* (34-пунктту караңыз)

A36. Консультациялар аудитордук уюмдун ичиндеги же тышындагы, тиешелүү атайын квалификациясы бар адамдар менен тиешелүү кесиптик деңгээлде жүргүзүүнү камтыйт.

ISQC

A37. Консультациялардын жүрүшүндө изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн тиешелүү ресурстар, ошондой эле жамааттык тажрыйба жана аудитордук уюмдун адистеринин кесиптик билимдери колдонулат. Консультациялар сапатты жогорулатууга жана кесиптик ой жүгүртүүнү колдонууга көмөктөшөт. Аудитордук уюмдун саясатында жана жол-жоболорунда консультациялардын ролун таануу консультацияларды кубаттаган жана кызматкерлерди татаал жана талаш маселелер боюнча консультацияларды алууга багыттаган маданиятты калыптандырууга көмөктөшөт.

A38. Маанилүү техникалык, этикалык жана башка маселелер боюнча консультациялардын натыйжалуулугуна аудитордук уюмдун өзүндө, ошондой эле, бул орундуу болгон жерде, анын чегинен тышкары жерлерде консультанттар:

- аларга негизделген консультацияны берүүгө мүмкүндүк берген бардык маанилүү фактылар жөнүндө маалыматты алган; жана
- консультациялардын натыйжалары боюнча жасалган тыянактар ойдогудай түрдө документтештирилген

жана практикада колдонулганда тиешелүү статуска жана квалификацияга ээ болгон учурларда жетишилет.

A39. Алардын жүрүшүндө татаал же талаш маселелер каралган башка адистер менен консультациялар боюнча жетиштүү толук жана кең-кесири документтер төмөнкүлөрдү түшүнүүгө жардам берет:

- ага байланыштуу консультация суратылган маселени; жана
- консультациялардын натыйжаларын, анын ичинде бардык кабыл алынган чечимдерди, бул чечимдердин негиздемелерин жана алар кандай түрдө ишке ашырылганын.

Чакан аудитордук уюмдардын өзгөчөлүктөрү

A40. . Тышкы консультацияга муктаж болгон уюм, мисалы, өзүнүн ойдогудай ресурстарына ээ болбогон тигил же бул аудитордук уюм төмөнкүлөр бере турган консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалана алат:

- башка аудитордук уюмдар;
- кесиптик уюмдар жана жөнгө салуучу органдар; же
- сапатты контролдоо боюнча тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчү коммерциялык уюмдар.

Консультациялык кызмат көрсөтүүлөргө келишимди түзгөнгө чейин тышкы консультанттын квалификациясын жана мүмкүнчүлүктөрүн талдоо аудитордук уюмга тышкы консультант ойдогудай квалификацияга ээ экенин же жоктугун аныктоого мүмкүндүк берет.

*Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү*

Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүнүн критерийлери (35(b)-пунктту караңыз)

A41. Баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген, алар боюнча сапатты текшерүүнү жүргүзүү керек болгон ишканалардын финансылык отчеттуулугунун аудитинен тышкары, текшерүүлөрдү аныктоо критерийлери, мисалы, төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- конкреттүү тапшырманын мүнөзүн, анын ичинде ал коомдук кызыкчылыкты билдирген маселелер менен канчалык байланышканын;
- тапшырма же тапшырмалардын классы боюнча демейдегиден башкача жагдайларды же тобокелдиктерди табууну;
- тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүнүн мыйзамдык же ченемдик талаптарынын болушун.

Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнүн мүнөзү, мөөнөттөрү жана көлөмү (36-37-пункттарды караңыз)

A42. Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүү аяктаганга чейин тапшырма боюнча корутундуга кол коюлбайт. Бирок, тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү документтештирүү корутундунун күнүнөн кийин аякташы мүмкүн.

A43. Тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө тиешелүү этаптарда тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү өз учурунда жүргүзүү маанилүү маселелерди ыкчам чечүүгө мүмкүндүк берет жана тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү адам буга корутундунун күнүндө же бул күнгө чейин ынана алат.

A44. . Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнүн көлөмү ошондой эле аудиттин татаалдыгынын деңгээлине, аудиттен өтүп жаткан ишкана баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишкана болуп санала тургандыгына же жоктугуна, ошондой эле конкреттүү жагдайларда ойдогудай болуп саналбаган корутунду чыгарылышы мүмкүн экендигинин тобокелдигине байланыштуу болушу мүмкүн. Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүү тапшырманын жетекчисинин жоопкерчилигин төмөндөтпөйт.

Баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишкана (38-пунктту караңыз)

A45. Аудитти жүргүзүү боюнча аудитордук топ иштеп чыккан маанилүү ой жүгүртүүлөрдү баалоо үчүн актуалдуу болгон баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишкананын тапшырмасын аткаруунун сапатын текшерүүнүн жүрүшүндө ыктымалдуу кароо үчүн кошумча маселелердин тизмеги төмөнкүлөрдү камтыйт:

- тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө айкын болгон олуттуу тобокелдиктерди, ошондой эле бул тобокелдиктерге жооп иретинде көрүлүп жаткан чараларды;
- иштелип чыккан, өзгөчө олуттуулук жана кыйла тобокелдиктер жагындагы ой жүгүртүүлөрдү;
- тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө айкын болгон оңдолгон же оңдолбогон бурмалоолордун маанилүүлүгүн жана катышын;
- алар жөнүндө жетекчиликке же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү адамдарга, ошондой эле, эгерде муну колдонууга мүмкүн болсо, жөнгө салуучу органдар сыяктуу башка жактарга кабарлоо керек болгон маселелерди.

Бул маселелер кырдаалга жараша аудиттин сапатын контролдоону текшерүүнүн жана башка ишканалардын финансылык отчеттуулугун обзордук текшерүүлөрдүн, ошондой эле ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалардын жана коштоочу кызмат көрсөтүү боюнча тапшырмалардын жүрүшүндө каралышы мүмкүн.

Мамлекеттик сектордогу аудитордук уюмдардын өзгөчөлүктөрү

A46. Мамлекеттик сектордогу айрым ишканалар баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишкана болуп саналбаганына карабастан, бул A16-пунктта сүрөттөлгөндөй, кыйла маанилүү болушу мүмкүн, бул тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүү зарылчылыгын пайда кылат.

*Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жактар шайкеш келүүгө тийиш болгон критерийлер*

Жетиштүү жана талаптагыдай кесиптик компетенттүүлүк, тажрыйба жана ыйгарым укуктар (39(a)-пунктту караңыз)

A47. Кесиптик компетенттүүлүктүн, тажрыйбанын жана ыйгарым укуктардын кандай деңгээлин жетиштүү жана талаптагыдай деп эсептөө жөнүндө маселени чечүү конкреттүү тапшырманын жагдайларына байланыштуу. Мисалы, баалуу кагаздары уюштурулган соодага

киргизилген ишкананын финансылык отчеттуулугунун аудити боюнча тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жак көбүнесе баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишкананын финансылык отчеттуулугун текшерүүнүн жетекчиси катары иш алып баруу үчүн жетиштүү жана талаптагыдай тажрыйбасы жана ыйгарым укуктары бар жак болот.

Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жак менен консультациялар (39(b)-пунктту караңыз)

A48. Тапшырманын жетекчиси тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жак менен, мисалы, тапшырманын жетекчиси иштеп чыккан кандайдыр бир ой жүгүртүү тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жак үчүн алгылыктуу болуп чыга тургандыгын белгилөө үчүн консультацияларды жүргүзүшү мүмкүн. Мындай консультациялар тапшырманы аткаруунун акыркы стадиясында пикирлердеги айырмачылыктарды табууну болтурбоого мүмкүндүк берет же тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жактын өз милдеттерин аткарышы мүмкүн эместигине алып келет. Эгерде консультациялардын мүнөзү жана көлөмү кыйла болуп калса, тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү адамдын объективдүүлүгү, эгерде аудитордук топ, ошондой эле сапатты контролдоону текшерүүнү жүзөгө ашырып жаткан жактын өзү объективдүүлүктү камсыз кылуу үчүн зарыл чараларды көрбөсө гана, коркунучка кабылышы мүмкүн. Бул мүмкүн эмес болгон учурда, тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жактын, же болбосо консультация берип жаткан жактын функцияларын аткаруу үчүн уюмдун өзүнүн башка кызматкери же ылайыктуу квалификациядагы тышкы жак дайындалышы мүмкүн.

Тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жактын объективдүүлүгү (40-пунктту караңыз)

A49. Аудитордук уюм тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жактын объективдүүлүгүн камсыз кылууга чакырылган саясатты жана жол-жоболорду киргизүүгө тийиш. Демек, мындай саясат жана жол-жоболор тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жак төмөнкүлөрдү кароого тийиш:

- тапшырманын жетекчиси тарабынан дайындалбайт, эгерде бул мүмкүн болсо;
- тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүү мезгилинде тапшырманы аткарууга катышпайт;

- аудитордук топ үчүн чечимдерди кабыл албайт; жана
- текшерүүчүнүн объективдүүлүгүнө коркунуч келтириши мүмкүн болгон башка аспекттердин таасирине кабылбайт.

Чакан аудитордук уюмдардын өзгөчөлүктөрү

A50. Өнөктөрү чакан санда болгон уюмдарда аудитордук тапшырманын жетекчиси тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жакты тандоого катышпоосу иш жүзүндө жүзөгө ашырылбай турган болушу мүмкүн. Жеке практикалык адистер же чакан аудитордук уюмдар тапшырманы аткаруунун сапатын контролдоону текшерүү зарылчылыгын аныктаган учурларда ылайыктуу квалификациясы бар тышкы жактар келишимдик негизде тартылышы мүмкүн. Альтернатива катарында айрым жеке практикалык адистер же чакан аудитордук уюмдар тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүү үчүн башка уюмдарды пайдаланууну максатка ылайык деп эсептеши мүмкүн. Аудитордук уюм ылайыктуу квалификациясы бар тышкы жактарды келишим боюнча тарткан учурда 39-41-пункттардын талаптары жана A47-A48-пункттардын сунуштамалары колдонулушу мүмкүн.

Мамлекеттик сектордогу аудитордук уюмдардын өзгөчөлүктөрү

A51. Мамлекеттик сектордо мыйзамда белгиленген тартипте дайындалуучу аудитор (мисалы, Башкы аудитор же тиешелүү квалификациясы бар жана Башкы аудитордун атынан жана анын тапшырмасы боюнча дайындалуучу башка жак) аудитордук тапшырманын жетекчиси аткарганга окшош ролду аткара жана мамлекеттик сектордо аудитти жүргүзүү үчүн бүтүндөй толук жоопкерчиликти тарта алат. Мындай жагдайларда, эгерде муну колдонууга мүмкүн болсо, тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жакты тандоо аудиттен өтүп жаткан ишканадан көз карандысыздык талаптарын жана тапшырманы аткаруунун сапатын текшерүүнү жүргүзүүчү жактын объективдүү баалоону камсыз кылууга жөндөмү эске алынуу менен жүргүзүлөт.

*Пикирлердеги келишпестиктер* (43-пунктту караңыз)

A52. Натыйжалуу жол-жоболор алгачкы стадияларда пикирлердеги келишпестиктерди табууга көмөктөшөт, мындан ары көрүлүүчү кадамдар боюнча так көрсөтмөлөрдү берет жана пикирлердеги келишпестиктер боюнча кабыл алынган чечимдерди документтештирүүнү жана жасалган тыянактарды колдонууну талап кылат.

A53. Мындай пикир келишпестиктерди чечүү боюнча жол-жоболор башка практикалык адис же уюм менен, же болбосо кесиптик уюм менен же мамлекеттик жөнгө салуу органы менен консультацияларды жүргүзүүнү камтышы мүмкүн.

*Тапшырма боюнча документация*

Тапшырма боюнча жыйынтык файлды түзүүнү аяктоо (45-пунктту караңыз)

A54. Тапшырмалардын айрым өзгөчө түрлөрү боюнча тапшырма боюнча жыйынтык файлды түзүүнү аяктоо мөөнөтүнүн чеги мыйзамдар же ченемдик актылар менен белгилениши мүмкүн. Эгерде мөөнөттүн чеги мыйзамдарда же ченемдик актыларда белгиленбесе, 45-пункт аудитордук уюмдан тапшырма боюнча жыйынтык файлды түзүүнү өз учурунда аяктоо зарылчылыгын чагылдырган мөөнөттүн чегин белгилөөнү талап кылат. Мисалы, аудит учурунда мөөнөттүн чеги демейде аудитордук корутундунун күнүнөн кийин 60 күндөн ашпайт.

A55. Бир ишканадан алынган маалымат боюнча эки же андан ашык корутунду чыгарылган учурда тапшырма боюнча жыйынтык файлды түзүү мөөнөттөрүнүн чеги жагынан аудитордук уюмдун саясаты жана жол-жоболору, ал өзүнчө тапшырманын алкагында болуп өткөн сыяктуу, ар бир отчет боюнча өзүнчө колдонулууга тийиш. Мисалы, бул аудитордук уюм адегенде топтун биригишинин максаттары үчүн компоненттин финансылык маалыматы боюнча аудитордук корутундуну, андан соң милдеттүү финансылык отчеттуулук үчүн ошол эле финансылык маалымат боюнча аудитордук корутундуну чыгарган учурлар болушу мүмкүн.

Тапшырма боюнча документациянын купуялыгы, ишенимдүү сактоо, бүтүндүгү, жеткиликтүүлүгү жана издөө мүмкүнчүлүгү (46-пунктту караңыз)

A56. Тиешелүү этикалык талаптар аудитордук уюмдун кызматкерлери үчүн тапшырма боюнча документтерде камтылган маалыматтын купуялыгын дайыма сактоо милдетин белгилейт, буга конкреттүү кардар башка жакка маалыматты ачууга ыйгарым укук берген же болбосо маалыматты ачуу боюнча юридикалык же кесиптик милдет бар болгон учурлар кирбейт.[5] Мыйзамдар же ченемдик актылар аудитордук уюмдун кызматкерлерине, бул өзгөчө жекече маалыматтарга тиешелүү болгон учурда, кардарлардын маалыматынын купуялыгын сактоо боюнча кошумча милдеттерди жүктөшү мүмкүн.

A57. Эгерде документтер аудитордук уюм билбей туруп өзгөртүлүшү, толукталышы же жок кылынышы мүмкүн болсо же эгерде документтер

---

5 Мисалы, БЭЭСК Кодексинин 140.7 жана 225.35-бөлүмдөрүн караңыз

биротоло жоголушу же бузулушу мүмкүн болсо, тапшырма боюнча документтер кагаз түрүндө, электрондук түрдө же башка булакта түзүлгөнүнө карабастан анын бүтүндүгү, жеткиликтүүлүгү же баштапкы маалыматтарды табуу мүмкүнчүлүгү коркунучка кабылышы мүмкүн. Тиешелүү түрдө, тапшырма боюнча документтерди санкциясыз өзгөртүүнү же жоготууну болтурбоо үчүн аудитордук уюм иштеп чыккан жана киргизген контролдоо каражаттары төмөнкүдөй чараларды камтышы мүмкүн:

- тапшырма боюнча документация качан жана ким тарабынан түзүлгөнүн, өзгөртүлгөнүн же текшерилгенин белгилөө мүмкүнчүлүгү;
- тапшырманы аткаруунун бардык этаптарында маалыматтын бүтүндүгүн коргоону, өзгөчө аудитордук топтун ичиндеги маалыматка биргелешкен жеткиликтүүлүк орун алган учурда, ошондой эле маалымат Интернет аркылуу үчүнчү жактарга жөнөтүлгөн учурда коргоону;
- тапшырма боюнча документацияга санкциясыз өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн алдын алууну; жана
- аудитордук топтун мүчөлөрүнө, ошондой эле башка ыйгарым укуктуу адамдарга, алар өз милдеттерин ойдогудай аткарышы үчүн зарыл болгон өлчөмдө, тапшырма боюнча документацияга жеткиликтүүлүктү берүүнү.

A58. Тапшырма боюнча документациянын купуялыгын сактоо, ишенимдүү сактоо, бүтүндүгү, жеткиликтүүлүгү жана издөө мүмкүнчүлүктөрү үчүн аудитордук уюм иштеп чыккан жана киргизген контролдоо каражаттары төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- тапшырма боюнча электрондук документацияга жеткиликтүүлүктү чектөө жана аны авторлоштурулган пайдалануучуларга гана берүү үчүн паролду аудитордук топтун мүчөлөрү пайдалануусун;
- тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө тиешелүү этаптарда тапшырма боюнча электрондук документацияны резервдик көчүрүүнүн ойдогудай жол-жоболорун колдонууну;
- аудитордук тапшырманын башталышында тапшырма боюнча документтерге тиешелүү жеткиликтүүлүктү аудитордук топтун мүчөлөрүнө берүү жол-жоболорун пайдаланууну, тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө алар менен иштөөнү жана тапшырманы аткаруу аяктагандан кийин аларды иретке келтирүүнү;

- документациянын басылма көчүрмөлөрүнө жеткиликтүүлүктү чектөө, ойдогудай берүүнү камсыз кылуу жана купуя сактоо боюнча жол-жоболорду пайдаланууну.

A59. Практикалык ой-пикирлер боюнча кагаз документтердин түп нускаларын кийин тапшырма боюнча файлга киргизүү үчүн сканерлөөгө болот. Мындай учурларда документациянын бүтүндүгүн, жеткиликтүүлүгүн жана аларды издөө мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга чакырылган аудитордук уюмдун жол-жоболору аудитордук топтун мүчөлөрүнөн төмөнкүлөрдү талап кылышы мүмкүн:

- кагаз документтердин түп нускаларынын бүткүл мазмунун, анын ичинде кол менен жазылган колтамгаларды, шилтемелерди жана эскертүүлөрдү чагылдырган сканерленген көчүрмөлөрү түзүүнү;
- сканерленген көчүрмөлөрдү тапшырма боюнча иштин курамына киргизүүнү жана зарылчылыкка жараша аларга индекстерди берүүнү жана тийиштүү колтамгалар менен ырастоону; жана
- зарылчылык болгон учурда сканерленген көчүрмөлөрдү алуу жана принтерден чыгаруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууну.

Аудитордук уюм сканерленген кагаз документтердин түп нускаларын сакташы үчүн укуктук, ченемдик же башка негиздердин болушу мүмкүн.

Тапшырма боюнча документацияны сактоо (47-пунктту караңыз)

A60. Тапшырма боюнча документацияны сактоо боюнча аудитордук уюмдун милдеттери жана аларды сактоо мөөнөттөрү тапшырманын мүнөзүнө жана конкреттүү жагдайларга жараша өзгөрүп турат: мисалы, кийинки тапшырмаларды аткаруу үчүн мааниге ээ боло турган маселелер боюнча маалыматты топтоону камсыз кылуу үчүн тапшырма боюнча документтер керектигин же жоктугун. Сактоо мөөнөттөрүн ошондой эле жергиликтүү мыйзамдарда же ченемдик актыларда тапшырмалар боюнча документтерди сактоо мөөнөттөрү боюнча көрсөтмөлөр болушу, же болбосо конкреттүү укуктук же ченемдик талаптар жокто тиешелүү юрисдикциядагы документтерди сактоонун жалпы кабыл алынган мөөнөттөрүнүн болушу сыяктуу башка факторлорго байланыштуу болушу мүмкүн.

A61. Сактоо мөөнөттөрү демейде аудитордук тапшырмалардын документтери үчүн – аудитордук корутундунун күнүнөн тартып же, эгерде топтун финансылык отчеттуулук боюнча аудитордук корутундусуна кийинчерээк кол коюлган болсо, анын күнүнөн тартып беш жылдан кем эмес.

A62. Тапшырма боюнча документацияны сактоо үчүн аудитордук уюм белгилеген жол-жоболор сактоонун бүткүл мөөнөтүнүн ичинде 47-пункттун талаптарын аткарууну камсыз кылууга мүмкүндүк бере тургандарды камтыйт, мисалы:

- тапшырма боюнча документацияны издөө жана сактоонун бүткүл мезгилинин ичинде, өзгөчө электрондук документтердин учурунда аларга жеткиликтүүлүк мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, анткени колдонулуучу маалыматтык технологиялар убакыттын өтүшү менен өркүндөтүлүшү же жаңысы менен алмаштырылышы мүмкүн;
- тиешелүү файлдарды түзүү аяктагандан кийин тапшырма боюнча документацияга киргизилген өзгөртүүлөрдүн жазуусун зарыл учурларда камсыз кылуу; жана
- сапатты контролдоо максаттары үчүн же башка максаттар үчүн ыйгарым укуктуу тышкы жактар үчүн документацияга жеткиликтүүлүк жана алар менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу.

Тапшырма боюнча документацияга менчик укугу

A63. Мыйзамдарда же ченемдик актыларда тикелей айтылган учурларды кошпогондо, тапшырма боюнча документация аудитордук уюмдун менчиги болуп саналат. Аудитордук уюм өз каалоосу боюнча кардарларга тапшырма боюнча документациядан айрым фрагменттерди же үзүндүлөрдү ачып бере алат, мында ушундай ачып берүү аткарылган жол-жоболордун негиздүүлүгүнө, же камсыз кылуучу текшерүүлөр учурунда аудитордук уюмдун же анын кызматкерлеринин көз карандысыздыгына коркунуч келтирбөөсү шарт.

## Мониторинг

*Аудитордук уюмда сапатты контролдоо саясатынын жана жол-жоболорунун мониторинги* (48-пунктту караңыз)

A64. Сапатты контролдоо саясатынын жана жол-жоболорунун талаптарын сактоо мониторингинин максаты төмөнкүлөрдү баалоо болуп саналат:

- кесиптик стандарттардын жана колдонулуучу укуктук жана ченемдик талаптардын сакталышын;
- сапатты контролдоо системасы ойдогудай түрдө иштелип чыкканын же жоктугун жана ал натыйжалуу киргизилгенин же жоктугун; жана

- сапатты контролдоо саясатын жана жол-жоболорун ойдогудай колдонууну, андыктан аудитордук уюм же аудитордук тапшырманын жетекчилери чыгарып жаткан корутундулар дайыма конкреттүү жагдайларда ойдогудай мүнөздө болот.

A65. Сапатты контролдоо системасын үзгүлтүксүз талдоо жана баалоо төмөнкүдөй маселелерди камтыйт:

- төмөнкүлөрдү талдоо:
  - кесиптик стандарттардагы жана колдонулуучу укуктук жана ченемдик талаптардагы соңку өзгөртүүлөрдү жана, эгерде орундуу болсо, алар аудитордук уюмдун саясатында жана жол-жоболорунда кандай чагылдырылып жатканын;
  - көз карандысыздыкты камсыз кылуу боюнча саясатты жана жол-жоболорду сактоону жазуу жүзүндө ырастоону;
  - квалификацияны, анын ичинде окутууну үзгүлтүксүз арттырууну; жана
  - кардарлар менен мамилелерди кабыл алууга жана улантууга жана конкреттүү тапшырмаларды аткарууга тиешелүү чечимдерди;
- кемчиликтерди жоюу жана системаны өркүндөтүү боюнча зарыл чараларды аныктоо, анын ичинде квалификацияны жана окутууну жогорулатууга тиешелүү аудитордук уюмдун саясатын жана жол-жоболорун өзгөртүү үчүн кайчы байланышты камсыз кылуу.
- системадагы, системаны түшүнүү же анын талаптарын сактоо даражасында табылган кемчиликтер жөнүндө маалыматты уюмдун тиешелүү кызматкерлерине жеткирүү;
- сапатты контролдоо саясатына жана жол-жоболоруна зарыл өзгөртүүлөрдү ыкчам киргизүү максатында аудитордук уюмдун тиешелүү кызматкерлери көрүп жаткан кийинки чаралар.

A66. Инспекциялоонун мезгилдүүлүгү жагынан саясат жана жол-жоболор, мисалы, үч жылдык циклди бербеши мүмкүн. Инспекциялоо циклин уюштуруу ыкмасы, анын ичинде конкреттүү тапшырмаларды тандоо мөөнөттөрү төмөнкүдөй көптөгөн факторлорго байланыштуу:

- аудитордук уюмдун өлчөмү;
- офистердин саны жана географиялык жайгашуусу;
- мониторингдин мурдагы жол-жоболорунун натыйжалары;

ISQC

- кызматкерлердин, ошондой эле офистердин ыйгарым укуктарынын деңгээли (мисалы, айрым офистер инспекциялоону киргизүүгө ыйгарым укуктуубу же жокпу, же инспекциялоону жүргүзүүгө ыйгарым укук башкы офисте гана барбы);
- аудитордук уюмдун уюштуруу түзүмүнүн жана жүзөгө ашырылуучу ишинин мүнөзү жана татаалдыгы;
- кардарлар жана аудитордук уюмдардын тапшырмалары менен байланышкан тобокелдиктер.

A67. Инспекциялоо процесси айрым тапшырмаларды тандоону камтыйт, анын үстүнө алардын айрымдары топко алдын ала кабарланбастан тандалышы мүмкүн. Жүргүзүлүп жаткан инспекциялардын көлөмүн аныктоодо уюм инспекциялоонун көз карандысыз тышкы программасынын көлөмүн же тыянактарын эске алышы мүмкүн. Бирок инспекциялоонун көз карандысыз тышкы программасы аудитордук уюмдун мониторингинин өз программасын алмаштыруу болуп саналбайт.

Чакан аудитордук уюмдардын өзгөчөлүктөрү

A68. Чакан аудитордук уюмдар учурунда мониторингдин жол-жоболорун аудитордук уюмдун сапатты контролдоо саясатын жана жол-жоболорун иштеп чыгуу жана киргизүү үчүн жооптуу адамдар аткарышы мүмкүн же алар бул тапшырма боюнча тапшырманын сапатын контролдоону текшерүүнү жүргүзүүгө катышуусу мүмкүн. Кызматкерлеринин саны чакан болгон уюм инспекцияны жана мониторингдин башка жол-жоболорун жүргүзүү үчүн ойдогудай квалификациясы бар бөтөн жакка же башка уюмга кайрылышы жана алардын кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланышы мүмкүн. Мындан тышкары аудитордук уюм мониторингди жүзөгө ашырууга көмөктөшүү үчүн башка уюмдар менен ресурстарды бириктирүү жөнүндө макулдашуусу мүмкүн.

*Жетишпестиктер жөнүндө маалымдоо* (50-пунктту караңыз)

A69. Тиешелүү текшерүүлөрдүн жетекчилери болуп саналбаган адамдарга табылган жетишпестиктер жөнүндө отчеттор каралып жаткан конкреттүү тапшырмага көрсөтмөнү сөзсүз эле камтууга тийиш эмес, бирок айрым учурларда мындай көрсөтмө текшерүүлөрдүн жетекчилери болуп саналбаган адамдар милдеттерди ойдогудай аткарышы үчүн талап кылынышы мүмкүн.

*Даттануулар жана арыздар*

Даттануулардын жана арыздардын булагы (55-пунктту караңыз)

A70. Даттануулар жана арыздар (ачыктан ачык негизделбегендерди кошпогондо) аудитордук уюмдун өзүнөн, ошондой эле тыштан келип түшүүсү мүмкүн. Аларды аудитордук уюмдун кызматкерлери, анын кардарлары же башка үчүнчү жактар бериши мүмкүн. Алар аудитордук топтун мүчөлөрү же уюмдун башка кызматкерлери тарабынан алынышы мүмкүн..

Иликтөө саясаты жана жол-жоболору (56-пунктту караңыз)

A71. Даттанууларды жана арыздарды иликтөө үчүн белгиленген саясат жана жол-жоболор даттанууну же арызды карап жаткан өнөк төмөнкүдөй экендиги жөнүндө талапты камтышы мүмкүн:

- жетиштүү жана талаптагыдай тажрыйбага ээ;
- аудитордук уюмда тиешелүү ыйгарым укуктарга ээ; жана
- бул тапшырманы аткарууда ишке тартылган эмес.

Даттанууну же арызды карап жаткан өнөктөш зарылчылык болгон учурда ички юристи ишке тартышы мүмкүн.

Чакан аудитордук уюмдардын өзгөчөлүктөрү

A72. Өнөктөштөрдүн саны чакан болгон аудитордук уюмдар учурунда ушул тапшырманы аткарууга катышпаган өнөктөштүн тергөөлөрүнүн жүрүшүнө көзөмөл кылуу үчүн тартууну иш жүзүндө жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес болуп чыгышы мүмкүн. Мындай чакан аудитордук уюмдар жана жекече практикалык адистер даттанууларды жана арыздарды иликтөөнү жүргүзүү үчүн ылайыктуу квалификациясы бар тышкы жактын же башка уюмдун кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланышы мүмкүн.

**Сапатты контролдоо системасынын документациясы** (57-пунктту караңыз)

A73. Сапатты контролдоо системасынын элементтеринин иштешин ырастаган документациясынын формасы жана мазмуну ой жүгүртүүнүн предмети болуп саналат жана бир катар, анын ичинде төмөнкүдөй факторлорго байланыштуу:

- аудитордук уюмдун өлчөмү жана офистердин саны;
- аудитордук уюмдун уюштуруу түзүмүнүн жана жүзөгө ашырып жаткан ишинин мүнөзү жана татаалдыгы.

Мисалы, ири аудитордук уюмдарда көз карандысыздыкты тастыктоо, мониторинг боюнча иш-чаралардын натыйжалуулугун жана натыйжаларын тастыктоо сыяктуу маселелерди документтештирүү үчүн электрондук маалымат базасы пайдаланылышы мүмкүн.

ISQC

A74. Мониторингге тиешеси бар маселелер боюнча талаптагыдай документация, мисалы, төмөнкүлөрдү чагылдырууну камтыйт:

- тандап алуу жол-жоболорун кошо алганда, мониторинг жол-жоболорун инспекциялоо жүргүзүү үчүн аткарылган тапшырмаларды;
- төмөнкүлөрдү баалоонун натыйжасын:
    - кесиптик стандарттарды жана колдонулуучу укуктук жана ченемдик талаптарды жактагандыкты;
    - о сапатты контролдоо системасы ойдогудай түрдө иштелип чыкканын же жоктугун жана ал натыйжалуу киргизилгенин же жоктугун; жана
    - Whether the firm’s quality control policies жана procedures have аудитордук уюмдун сапатты контролдоо саясаты жана жол-жоболору ойдогудай түрдө колдонулуп жаткандыгын же жоктугун, андыктан уюм же текшерүүлөрдүн жетекчилери чыгарган корутундулар конкреттүү жагдайларды эске алуу менен дайыма талаптагыдай мүнөздө экендигин;
- аныкталган кемчиликтерди идентификациялоону, алардын таасирин баалоону жана кошумча чараларды көрүү керектигин же жоктугун жана эгерде керек болсо, кайсыларын көрүү керектигин аныктоо үчүн негиздерди.

*Чакан аудитордук уюмдардын өзгөчөлүктөрү*

A75. Чакан аудитордук уюмдар сапатты контролдоо системаларын документтештирүү үчүн кол менен аткарылган жазуулар, контролдук тизмектер жана формалар сыяктуу азыраак формалдуу методдорду колдоно алат.